8

Тишти кантип туура сактоо керек



10

Л.Ниязбекова: «Ар ким өз билгенин жаза баштады»



Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

20-август, 2015-жыл
№14 (14)
saresep.kg



Айымдар үчүн насыя алуу оорубу?

6-бетте



Мыйзамсыз жерлерди мыйзамдаштырууну каалаган жарандар

11-бетте



Эркиндикти жеп, түбүнө жеткен оорулар

12-бетте



К.Өмүралиев: Гангдай мүнөзү жоош жылкы жолуктурган эмесмин

13-бетте

## Нурбек Токтакунов: «Саясатчынын таза бойдон калуусу шайлоочунун жетиктигине байланыштуу болуп калды»

5-бетте

Назарыңыздарга биздин сезимдерибизди аралап, бирок тилибизге жана калемибизге жол таба албай жаткан ой-пикирлерди сунабыз. Бул саясат жана саясатчы менен аларды карап турган коомчулуктун ортосунда көпүрө болуу потенциалына ээ болгон, бирок бул озуйпасын татыктуу аткара албай ЖАТКАН тайпа жөнүндө биз сыйлаган эки инсан: жаны тынбаган коомдук ишмер - Нурбек Токтакунов менен билим берүү тармагынын новатор реформатору - Камила Шаршекеева эжекебиз ой бөлүшөт



Партиялар менен саясатчылардын биригүү процесси аяктап калды. Көпчүлүк үчүн бул аракет шылдыңдоо жана какшыкка себеп болууда. Интернеттеги коомдук тармактар “Мындан ушундайды күткөн эмесмин”, “Өкүнүчтүү”, “Ушуга кантип барышты”, “Саясат “сасык” деген чын турбайбы”, “Мансап үчүн бардык нерсеге даяр булар” деген комментарийлерге толуп кетти.

Мен биригүү процесстерине ашыкча какшыкты жыйыштырып, объективдүү карап көрүүгө чакырат элем.

Саясатчылардын кеңешип келишимге келип жаткандыгы оң көрүнүш. Демек, чыныгы саясат жарала баштады десек болот. Маселе алардын келишимге келгендигинде эмес, маселе шайлоочулар алардын саясий платформалары менен убадаларын кантип эсине тутуп калып, бекем жарандык көзөмөлгө алып, келечектеги иштери үчүн кантип жоопко тарта ала тургандыгында болуп жатат. Шайлоочунун мындай аракеттерине бардык шарттар бар. Таза саясатчынын бузулуп кетүүсү же таза бойдон калуусу көп учурда шайлоочунун аң-сезиминин жетиктигине байланыштуу болуп калды. Бийликтин табиятынан улам жарандык көзөмөлсүз бардык саясатчылар бузулаары жалпыга билинди. Башкача айтканда, бийликтин бузукулук табияты табигый мыйзам экен, ошондуктан эч ким бул мыйзам ченемдүүлүктөн сырткары калам деп үмүттөнбөшү керек.

## Биометрия акыры барып кимди урат?

Бүгүнкү күндө АКШ жана Евро биримдигинен сырткары дүйнө жүзүндөгү ондогон авторитардык деп эсептелинген өлкөлөр өздөрүнүн жарандарына көзөмөл жүргүзүү үчүн биометрикалык каттоону киргизишкен. “Көптөгөн өнүккөн өлкөлөр бул кадамга барууну чече электе Кыргызстандын биометрикалык көзөмөлдү киргизиши канчалык негиздүү жана бизге мунун кереги барбы?” деген суроо туулат.

3-бетте



# Чек арадагы жагдай 1-1,5 айда калыбына түшөт

КРнын Мамлекеттик чек ара кызматынын чек ара көзөмөл башкармалыгынын башчысы Бакыт Жылтыровдун айтымында: "Өлкөнүн ЕАЭБге кирүүсү менен, элдин баары товарларын даярдап алышып, ачылаары менен киргизебиз" деп турушат. Бул товардын агымынын көбөйүүсүнө алып келүүдө. "Ак-Жол" өткөрмө жайында казак чек арачылары жарандардын колундагы жүктү рентген аппаратка салып өткөрүп жатышат. Мындан сырткары миграциялык карта толтурушат. Аны сабаттуу толтурууну кээ бир адамдар билишпейт. Ушуга байланыштуу казак тарапта чек арадан өтүү аябай жай жүрүп жатат. Тур сезон тыгынга дагы бир себеп болуп жатат. Тур сезон бүтсө жагдай бир, бир жарым айда жөнгө салынат деп ойлоп турабыз.

Биз казак кесиптештер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз. Бирок ар бир өтүп жаткан товар рентген аркылуу өтүшү керек экенин, ар бир жаран миграциялык карта толтуруусу керек экенин түшүндүрүп айтып жатышат. Эгер жагдай оорлошуп кете турган болсо, биздин баардык чек ара өткөрмө жайларында ишеним телефондору бар. 0312 54-11-07 жана 0770 00 50 54 номерлерине чалса болот.



# Бирдиктүү мектеп формасы боюнча толук маалымат

Киргизилип жаткан бирдиктүү форманын сапаты, баасы кандай? Ата-энелер эмне себептен каршы болуп жатышат? Бул демилгени көтөрүүгө канчалык муктаждык бар эле? Бул сыяктуу суроолорго Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мектепке чейинки, мектептик жана мектептен сырткаркы билим берүүнүн адиси Кылым Сыдыкназарова кийинки жоопторду берди: "Акыркы жылдарда кийимдин арзан-кымбатына, сапатына карап, окуучулар арасында социалдык ажырым пайда болду. 2013-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамынын 10-беренесине мектеп формасы боюнча толуктоолор киргизилгенден баштап министрлик бул жаатта иш алып бара баштады. Өткөн окуу жылында СМС билдирүү аркылуу 3 түрдөгү;1-4, 5-9, 10-11-класстарга мектеп формасынын дизайны бекитилген. 2015-жылдын 12-августунда 572-токтом менен КРнын жалпы билим берүүчү уюмдарында мектеп формасына бирдиктүү талаптарды киргизүү жөнүндө токтому чыкты. Бирдиктүү талап деген эмне? Биринчиден, кийилчү форма классикалык түрдө болушу керек. Ошондой эле 2012-жылдын 10-октябрындагы №700 токтом менен бекитилген балдардын кийим жана бут кийимдеринин коопсуздугу жөнүндө кабыл алынган эрежелерге ылайык болуусу шарт. Уландар үчүн 3 түскө уруксат берилди. Ак, агыш боз, ачык сары, ак көгүш өңдөгү көйнөктөрдү кийсе болот. Кыздарга жилет, фартук форма, шым кийүүгө гана уруксат берилет. Джинсы кийимдерин мектепке кийип келүүгө катуу тыюу салынат.

Жаңы башталган иш эч качан дароо эле жүрүшүп кетпейт. Билим берүү жана илим министрлиги форманын дизайнын эле аныктап, тактап бердик. Ата-энелер карап көрүп өздөрү каалагандай сапаттагысын сатып ала алат. Өкмөт жергиликтүү башкармалыктарга атайын милдеттеме берди. Мындан кийин аймактардагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөгү окуучуларды форма менен камсыз болуусуна көмөк көрсөтөт. Ошондой эле азыркы бирдиктүү талапта кыздардын юбкасы тизеден 5 сантиметр ылдый болот. Бул муфтият менен кеңешип жатып чыгарылган чечим. Формага турруктуу бир баа киргизгенге министрликтин ыйгарым укугу жок. Ата-энени мажбурлай албайбыз. Ар ким өзүнүн каалоосуна жараша сатып ала берет. Болгону бирдиктүү талап эске алынышы керек.




## Он жылдан кийин бир да кооптуу мектеп калбайт

Билим берүү жана илим министрлигинин статс катчысы Калысбек Шадыхановдун билдирүүсүндө: "Министрлик тарабынан 10 жылдын ичинде баардык мектептерди коопсуз мектепке айландыруу боюнча атайын программа иштелип чыккан. Программанын негизинде өлкөдөгү мектептер коопсуз, кооптуу жана өтө кооптуу деген негизде үч категорияга бөлүнгөн. 260 мектеп авариялык акыбалда. Тез арада оңдоо маселесин карап чыкканбыз. Мына ошонун ичинен 200 мектеп такталды. Анын 100ү оңдолсо, 100үн жаңы куралы деп жатабыз".

Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы инвестиция, оңдоо жана материалдык камсыздоо боюнча департаменттин директору Шайырбек Атамбеков: Биринчи жолу ушундай программа кабыл алынды. Премьер министр токтом менен бул программаны бекитип берди. Бизге каржы министри аркылуу 1 млрд 300 млн сом казынадан бөлүнүп жатат. Эгер биз быйыл 100 мектепти капиталдык оңдоодон өткөрүп алсак, бул 100 мектеп бузулбайт", - деди.

## Партиялар баягы эле жөө жомокторду программа деп сунууда



Экономика илимдеринин доктору, профессор Айылчы Сарыбаев эл өкүлү болууга аттангандар тууралуу: "Тизмеде жүргөндөрдүн бары өздөрүн күчтүү сезишет. Кыргызстандын мыктысыбыз деп эсептешет. Тилекке каршы ошол партиялардын баарынын сүйлөгөн сөздөрү, кылган иши, берген убадасы коёндой окшош. КСДП, деги эле ЖКтеги 5 партия майдабарат нерселерди чечкен менен маанилүү эч нерсе аткарган жок. 2010-жылда берген убадаларынан көзгө көрүнөөрлүктөрү аткарылбады. Ушул 5 жылда аткарган иштери тууралуу отчет бериши керек эле. Аткарылбай калгандарга эмне себеп, ким күнөлүү экенин айтышы керек болчу.

Билликтегилер жемкор деп мугалимдер, врачтар менен күрөштү. Ал эми чыныгы коррупционерлер менен эч ким күрөшкөн жок. Бир-эки депутатты, президенттин айланасындагыларды камап койсо эле коррупция менен күрөштүк дегенге жатпайт. Системага каршы күрөшкөндүн ордуна системага каршы күрөшкөн билим берүү тармагын талкалашты. Бүгүнкү күндө партиялардын баары биринчи жыйырма орунду кол тийбестерге берип, калгандары ошол жыйырмасы үчүн иштегени жатышат. "250 миң долларды партияга, 250 миң доллар коротуп өзүңдүн аймагыңан добуш алып келесиң" дейт экен. "500 миң доллар коротуп мен депутат болуп келсем, эмне үчүн депутат болуп отурганда ошол акчаны кайра кайтарып албашым керек?" дейт. Коррупциялык схема деген шайлоодон башталып жатпайбы.

Мен шайлооого аттанган парттиялардын биринен да көзгө көрүнүктүү программаларды көргөн жокмун. Баягы эле жөө жомоктор айтылып жатат. Партиялардын бардыгы формалдуу, коомчулукту алдоо экенин Ата Мекендин да азыркы курамы көрсөтүп койду. Бул партияны партия деп эсептебей калдым. Кыргызстандыктар азыркы абалды жакшылап байкап карап көрүп, таразалагандан кийин мындай патрияны шайлабайт деп ойлойм. Баш мыйзамды кабыл алып жатканда 120 депутат көптүк кылаарын айткамын. Өмүрбек Чиркешович 120 депутатты эч ким сатып ала албайт деп болбой койгон. Азыркы учурда 240 киши болсо дагы сатып алат. Андан дагы өзүбүздү-өзүбүз шылдың кылып, депутаттын жерлигине эмес билимине, кадыр-баркына карап тандасак туура болмок. Кээ бир депутаттар парламентке депутат болуп келип алып, бир нерсени үйрөнүп атат. Ал жерге келип үйрөнбөй үйрөтө турган билимдүүлөр келсе жакшы болмок", - деди.

# Биометрия акыры барып кимди урат?

Бүгүнкү күндө АКШ жана Евро биримдигинен сырткары дүйнө жүзүндөгү ондогон авторитардык деп эсептелинген өлкөлөр өздөрүнүн жарандарына көзөмөл жүргүзүү үчүн биометрикалык каттоону киргизишкен. "Көптөгөн өнүккөн өлкөлөр бул кадамга барууну чече электе Кыргызстандын биометрикалык көзөмөлдү киргизиши канчалык негиздүү жана бизге мунун кереги барбы?" деген суроо туулат



НУРЛАН БАЛТАБАЙ

Биометрикалык каттоону киргизүү биздин бийлик эгедер болбогон жогорку жоопкерчиликти жана кесипкөйлүктү талап кылат. Бирок бул шартты биздин өкмөт назарына алган жок. Биометрикалык көзөмөл кыргызстандыктарга жакынкы арада кандайдыр бир жакшылык алып келет деп эч ким айта албайт. Ал эми бийликтин "Таза шайлоону камсыз кылыш үчүн биометрикалык көзөмөлдү киргизиш керек" деген билдирүүсү кызыктай эле угулат. Адилетсиз шайлоодон коркуу оппозициянын же башка бийлик менен атаандашкан саясий күчтөрдүн иши болуш керек эле. Бийлик кааласа биометриканы киргизбей эле туруп таза шайлоого керектүү шарттарды түзө алмак. Биометрикалык көзөмөлдү киргизүү менен элге ылайык болгон электрондук кызматтарды киргизүүгө мүмкүн болот деген билдирүүсү да ынанымдуу көрүнбөйт. Себеби "электрондук өкмөт" деген долбоорду бийлик создуктуруп жатканына караганда карапайым калкка электрондук кызматтардын жетүүсү кыялдарда гана калат деген бүтүм чыгарса болот.

Жарандарга биометрикалык көзөмөлдү киргизүү ыктыярдуу иш катары айтылган. Бул тууралуу бир канча жолу Президент өз оозу менен айткан. Бирок учурда биометризация жарандардын укуктарын массалык түрдө бузуу жана агрессивдүү мажбурлоо жолу менен ишке ашырылып жатат. Кээ бирлерин айлык акысын кармап калуу менен же болбосо уруксат берүүчү документтерди бербейбиз деп коркутса, кээ бирлерин 10-августка чейин катталбаса жашаган жеринен маалымкат алуу укугунан ажыратабыз деп коркутуп жатышат. Борбор шаарыбыздын булуң-бурчунда аягына "Администрация" деп кол коюлган ушул сыяктуу жарыялар илинип турат. Элди кыйноонун өз ара кыймылдуу административдик каражаттарынын тизмеси кең жана ар түрдүү болгону тууралуу күмөн санабай эле койсок болот. Бийлик элди көзгө илбегени менен, ошол эле учурда өз элинен коркуп тургандыгы ачык көрүнүп турат. Эгерде коркпосо, биометрикалык маалыматты эркин тапшырууну жактаган сыяктуу көрүнбөй, мөөнөт белгилеп, бул мөөнөттөн өтүп кеткендерге айыппул салбайт беле. Бул аларга көнүмүш сыяктуу эле иш го. Бийлик ачыктан ачык кысым кылууга батынган жок. Ал кысымды этаптуу жана коомдун ар кайсы катмарларына өз-өзүнчө кылып жатат.

Чындыгында бийликтин корко турган себеби бар. Анткени ал бул кадамга адамдын өтө баалуу жеке маалыматына кол салып жаткандыгын толук түшүнбөй барууда. Бийликтин жарандардын биометрикалык маалыматтарына компетенттүү эмес, жоопкерчиликсиз мамиле кылуусу жакынкы келечекте бийликтин өзүнө шек келтирүүсү мүмкүн. "Кантип акча табыш керек?" деген суроо менен гана алек болуп калган инерттүү абалда турган коомчулук бийлик анын кайсы талуу жерине тиш салып жатканын азырынча аңдай элек. Бирок биздин өлкөдө кайсыл маселе кайда бара жатканын адамдарга түшүндүрүп бере ала тургандар бат эле табылат. Журт башкарууда кандайдыр бир ийгиликке жетпей туруп, супер заманбап жетишкендикти талап кылган, элге жана өлкөгө ачыктан ачык пайдасы тийбеген, бирок адамдардын жеке жана мүлктүк коопсуздугуна коркунуч туудурган ишке эмнеге аттанып алгандыгы суралганда бийликтин ток этерлик жооп таап берерине күмөнүм бар.

Массалык наааразычылыгын козутуп алуусу мүмкүн болгон мындай тоталдуу көзөмөл аны эптеп кете албаган бийликтин колуна тийгенде эмне кыла алабыз? Жооп бир эле: "Коомчулук бийликтин үстүнөн көзөмөл кылуусун күчөтүүсү керек!" Муну жакындап калган шайлоолорду пайдаланып ишке ашырса болот. Биздин өлкөдөгү саясий күчтөр өлкөнү пайдаланып кетүү үчүн эле кезекке турбаса, шайлоолор бул кырдаалдан чыкканга жардам берет. Эгерде өз өлкөсүн чындап ойлогон партия болсо, ал өзүнүн шайлоо алдындагы программасына бийликтин үстүнөн түздөн-түз коомдук көзөмөлдүн зарыл экендиги тууралуу пункттарды киргизиши керек. Ошондо эл бул партияны колдоо же колдобоосу менен азыркы бийликке болгон мамилесин көргөзөт. Эгер колдобосо, кийин азыркы бийликтин өзүнүн үстүнөн биометрикалык көзөмөл жүргүзүүсүнө каршы чыгууга моралдык акысы болбойт. Мындай убадалар шайлоо алдында элибиз али көрө элек чыныгы интрига жаратмак. Өлкөдө биометрикалык көзөмөлдү киргизген соң бийликтин пайдасыз ишинин натыйжасында пайда болгон чыңалууну алдын алууга мүмкүнчүлүк бар. Мындай мүмкүнчүлүктүн кимдир бирөөгө кереги бар же жок экенин күз айлары көрсөтөт.

Албетте, мамлекеттик кызмат "Дом-2" сыяктуу реалити-шоу эмес. Бирок өлкөнүн өнүгүшүндө узакка созулган сенек учурдун шартында жоопкерчилиги бар мамлекеттик кызматкерлердин үстүнөн түздөн-түз

> Бийлик коркпосо, биометрикалык маалыматты эркин тапшырууну жактаган сыяктуу көрүнбөй, мөөнөт белгилеп, бул мөөнөттөн өтүп кеткендерге айыппул салмак

көзөмөл кылуу сыяктуу кардиналдуу таасир берүүчү каражатты убактылуу пайдалануу сарпталган машакатты актоочу кадам. Сенектик кубулуштарды жеңгенден кийин, өлкөдө элдин бийликке болгон ишеними кайрадан пайда болгондон кийин мындай иш-чараны токтотуп койсо болот.

### Добушту биометрикалык көзөмөлдөө бийликке кандай пайда берүүсү мүмкүн?

Учурда биздин бийлигибиз алсыз, ошондуктан өлкөнүн перифериясында көп учурларда бийликтин таасири аймактык жана уруулук элиталарга салыштырмалуу азыраак болуп жаткандыгы байкалат. Бул болсо бийликтин атаандаштары перифериярларда ыпылас технологияларды бийликке караганда жигердүүрөк пайдаланып кетүүсү мүмкүн болчу. Ошол себептүү бийлик шайлоонун таза технологиясы катары биометрикалык көзөмөлдү киргизүү менен өзүнүн атаандаштарынын мүмкүнчүлүктөрүн жокко чыгарат. Биометрикалык маалыматтарды чогултуу региондордо башталып, жергиликтүү шайлоолордо иштетилип көрүлгөнүн бийликтин өлкөнүн чет жакаларын көзөмөлдөгүсү келгендигинин кыйыр далили катары карасак болот.

Азырынча бейөкмөт уюмдар менен жарандык активисттер гана бул демилгеге каршы активдүүлүк көрсөтүп жатышат. Максатына жетиш үчүн миллиондогон долларларды сарптап, парламентке кирүүгө аракет кылган бийликтин атаандаштары болгон партияларга караганда алар үчүн бул маселе маанилүүрөөк эмес.

Бийликтин ар бир аракети, кыймылы анын атаандаштарынын каршылыгына түрткү болооруна ишенгибиз келет. Анткени кызыкчылыктардын күрөшүндө мамлекеттин өнүгүүсү жаралат. Жыйынтыгында саясий күчтөрдүн ортосундагы атаандаштык жаралабы жакында белгилүү болот. Андан бир аз убакыт өткөндөн кийин "Биздин өлкөнүн алсыз авторитардык бийлигинин жарандарга биометрикалык көзөмөлдү киргизиши эрте жасалган кадам эмеспи?" деген суроонун жооптору белгилүү боло баштайт. Бул жарандарга биометрикалык көзөмөлдү киргизүү демилгеси азыркы бийликтин авторитардык режиминин чыңдалышына же болбосо өлкөнү башкарууда чыныгы демократиялык реформаларга алып келген массалык коомдук каршылыкка түрткү болуусунан белгилүү болот.

# Молдокелердин тили качан оңолот?

Мусулманмын, Кудайга шүгүр. Жана мусулман бойдон калгым келет. Бирок Кудай Таала адамдарды улут-улутка бөлүп жараткан соң, ошол мыйзамга ылайык мен Кыргыз мусулманмын. Улут өзгөчөлүгүмө жараша тилим, дилим, каада-салтым бар. Тилекке жараша бул өзгөчөлүктөрүм дагы мусулманчылыкка укмуштуудай бап келет



НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Демек, менин мусулман жана кыргыз экенимде эч бир талаш жок. Бирок бүгүнкү күнү, айрыкча азыркы молдокелерден (мусулман дининен, шарияттан деген жокмун) өтө кызыктай адилетсиздикти байкадым. Ооба, так ушул адилеттүүлүктү туу туткан, дайыма тууралыкты тутунуп, мыйзамга, башчыга баш ийип жашоого чакырган диний адамдардан Кыргыз элине жасалып жаткан (балким атайын, балким кайдыгерлик менен) кыянаттыкты байкадым. Ал эмне билесиңерби? Ал элибизге өрнөк болоор устаттарыбыздын, аалымдарыбыздын Кыргыз тилине кылып жаткан кайдыгерлиги же өзүм билемдиги. Бет тырмаарлык дейсизби? Азыркы учурда Исламга жабылып аткан кара көөнүн дагы бири дейсизби? Жок, таксырларым, кечирип койгула. Мен өзүм мусулман болуп туруп, кантип кара көө жабайын. Болгону муну айтпаса болбой калды.

Эмнеге бардык нерсенин туура болушун, так болушун каалаган такыба адамдарыбыз КЫРГЫЗ ТИЛине келгенде кайдыгер боло калышат? Эмнеге өз элин колунан келишинче жибитип, өзүнө боор тарттыраар өрнөк устаздарыбыз өз элинин тилинде сүйлөп, калкты тил менен жибитүүгө келгенде кашайып боор бербей калышат? Же илимде, технологияда, мыйзамдарда жерилген тилибиз динибизде да жерилип калганбы? Жеңижок акын шариятты төгүп берген, Манас бабабызды казатка аттандырып, каапырлардын белин талкалаткан тил бүгүн бир ууч кыргыздын молдолоруна жакпай калдыбы? Же бул молдокелерибиз ушунчалык илимдүү болуп кетишкенби?

Кечирип койгула, боордош диндештерим. Азыркы учурдагы ансыз да кыйчалыш заманда жумурткадан кыр тапкансып, дагы бир нерсени чукуп чыкканымды кечирип койгула. Бирок бул бүгүн болбосо, эртең айтылышы зарыл маселе. Керек болсо, бул канчалык тезирээк айтылып, канчалык тезирээк чара көрүлсө, ошончолук өзүбүзгө жакшы. Анткени жалаң ушул уламаларыбыздын, диний ишмерлерибиздин кыргыз тилине чет элдиктей мамиле кылганынан улам канча киши динге чет элдикче карап келет? Мисалы, өзүмдүн эле атам.


Биздин айылда Солтек аттуу 100дөн аша жашаган молдо болгон. Анын бизге жакын туугандыгы да бар. Ал жарыктык өмүр бою намазын окуп, арапча китептерди калтырбай карманып жүрүп өттү. А атамдар ал кишин аябай сыйлашчу. Аны менен жумага же айт намаздарга чогуу барышчу. Бирок так ушул атам мен алып барган китептерди окубай койду. Себеби эмнеде дейсиз? Жогоруда айтканымдай эле тилде. Бирөөнү карасаң сүйлөмдөрүнүн баш аягы жок. Бирөөнү карасаң башка тилден эптеп которулганы көрүнүп турат. Дагы бирөө өзүнүн жергиликтүү диалектисинен караманча баш тарткысы келбейт. «Боло берет» дегендер бар. «Меники туура, ушундай болуш керек» дегендер бар. Керек болсо, «эң негизгиси Ислам динине төп келиши. Башка жагы анча маанилүү эмес» деп, тилге кадимкидей кош көңүл мамиле кылгандар бар. Айланайын, туугандар, туура, силер аалымсыңар, силердин айтканыңарды аткарбасак адашып кетишибиз мүмкүн. Бирок кандай болсо деле бир аз элиңерге, боордошторуңарга ийилип койгула да. Динди оорлоштурбагыла, жеңилдеткиле деген хадис бар го. Өз элиңерге билгениңерди жеткирүүдө бир аз жеңилирээгин тандап, бир аз ийкемдүү болуп койсоңор эч ким капа болбос.

Бул маселенин бир эле жагы. Экинчи жагынан алганда, мынтип «Шариятка туура келсе болгону, тил маанилүү эмес» дегениңер кыянатчылык эле болуп калат. Эмнеге билесизби? Элестетиңиз, бир дарыгерге кайрылганыңызда ал «медицина илимине туура келсе болду, тил маанилүү эмес» деп туруп, өзү каалагандай сүйлөп койгонун. Балким, ал жалаң терминдер менен сүйлөп коёр. Балким, ал өзү гана түшүнгүдөй сүйлөп коёр. Натыйжада, сиз түшүнбөй калдыңыз дейли. Эми ага ким күнөөлүү? Түшүнбөй калган сиз күнөөлүү болосузбу же түшүнүксүз сүйлөп коё берген дарыгер күнөөлүүбү? Эми сиз ушул дарыгердин ордуна каалаганыңызды коюп көрүңүз дагы, алардын сизге кандай мамиле кылып жатканын жана сиздин аларга кандай мамиле кылып атканыңызды байкап көрүңүз. Эгер ошондо да өзүңүздө уялуу сезими болбосо, анда сизге баракелде, таксырым. Жолуңуз шыдыр болсун. «Бүкүрдү көр түзөйт» деген макалдан башка эмне айтат элек мындайда.

## Жаргылчактын сөзү



Чоң атам менен жаргылчакка буудай тартып жатканбыз. Жаргылчакты айландыруу кезеги мага келген. Капыстан чоң атамдын көздөрүнө жаш толо түштү. Ал ыйлап жаткан болчу. Аны көрүп чыдай албай, эмнеге ыйлаганын сурадым. «Сен али кичинесиң, түшүнбөйсүң» деди. Мен болбой көгөрүп туруп алдым. Чоң атам жооп берүүгө мажбур болду. «Бул жаргылчактын эмнелерди айтып жатканын билесиңби?» деп, кайра менден сурады. Мен болсо, жаргылчактын «сүйлөгөнүн» ушул убакка чейин билбегендиктен, кызыгуу менен чоң атамдын оозун карап калдым. Чоң атам оор улутунуп, «Ооба, жаргылчак сүйлөйт, балам, сүйлөгөндө да бизден так жана акылга сыйган, маанилүү нерселерди сүйлөйт. Бирок аны уга билген кулактын болушу абзел. Мына, ал ушул турушу менен минтет экен: «Эй, мени караган маңыроо адам! Көзүңдү чоң ачып, мени жакшылап кара. Себеби мен бул дүйнөнүн үлгүсүмүн. Мага коюлган буудайлар да ааламга келген адамдардай. Ошол буудайлар эки таштын ортосунда кандай эзилип отуруп ун болсо, адам баласы да ошентип асман менен жердин ортосунда түрдүү кыйынчылык, азап менен кыйналып, сыноодон өтүп бышат". Кыскача айтканда, дүйнө, ар бир инсандын бешенесине жазылган өмүрү түгөнгөнчө мага окшоп, улам жаңысын майдалоо менен алектене ишин улай, бараар жерине узата берет» деп сөзүн бүтүргөн эле.



## Үн катпаган телефон

Жашы бир топко барып калган аксакал телефонун ондотууга алып барды. Телефондун ары-бери жагын карап чыккан жигиттер телефондун бузулбаганын, толук иштеп турганын айтты. Ошондо кайгыга баткан аксакал "Андай болсо, эмнеге балдарым кабарлашпайт?" деп ыйлап жиберди.

# Прогрессивдүү жарандын саясий импотенциясы жана потенциалы

Назарыңыздарга биздин сезимдерибизди аралап, бирок тилибизге жана калемибизге жол таба албай жаткан ой-пикирлерди сунабыз. Бул саясат жана саясатчы менен аларды карап турган коомчулуктун ортосунда көпүрө болуу потенциалына ээ болгон, бирок бул озуйпасын татыктуу аткара албай ЖАТКАН тайпа жөнүндө. Биз сыйлаган эки инсан: бири жаны тынбаган коомдук ишмер - Нурбек Токтакунов, экинчиси билим берүү тармагынын новатор реформатору - Камила Шаршекеева эжекебиз





НУРБЕК ТОКТАКУНОВ

Партиялар менен саясатчылардын биригүү процесси аяктап калды. Көпчүлүк үчүн бул аракет шылдыңдоо жана какшыкка себеп болууда. Интернеттеги коомдук тармактар "Мындан ушундайды күткөн эмесмин", "Өкүнүчтүү", "Ушуга кантип барышты", "Саясат "сасык" деген чын турбайбы", "Мансап үчүн бардык нерсеге даяр булар" деген комментарийлерге толуп кетти.

Мен биригүү процесстерине ашыкча какшыкты жыйыштырып, объективдүү карап көрүүгө чакырат элем.

Саясатчылардын кеңешип келишимге келип жаткандыгы оң көрүнүш. Демек, чыныгы саясат жарала баштады десек болот. Маселе алардын келишимге келгендигинде эмес, маселе шайлоочулар алардын саясий платформалары менен убадаларын кантип эсине тутуп калып, бекем жарандык көзөмөлгө алып, келечектеги иштери үчүн кантип жоопко тарта ала тургандыгында болуп жатат. Шайлоочунун мындай аракеттерине бардык шарттар бар. Таза саясатчынын бузулуп кетүүсү же таза бойдон калуусу көп учурда шайлоочунун аң-сезиминин жетиктигине байланыштуу болуп калды. Бийликтин табиятынан улам жарандык көзөмөлсүз бардык саясатчылар бузулаары жалпыга билинди. Башкача айтканда, бийликтин бузукулук табияты табигый мыйзам экен, ошондуктан эч ким бул мыйзам ченемдүүлүктөн сырткары калам деп үмүттөнбөшү керек.

Экинчиден, азыркы учурда саясатка баруу алоолонуп күйгөн оттун ортосуна секирүүгө барабар, б.а., билип туруп моюнга оор жүктү жүктөп алуу дегендик. Саясат менен бийлик – бул салгылашуу, жашоонун баш айланткан катуу темпи, абакка түшүп калуу, жеке жашоодун таш-талканын чыгаруу же капыстан өлүп калуу коркунучу. Мындай тагдыр таза саясатчыны күтүп тургандай эле, шылуун саясатчы үчүн да актуалдуу. Саясатта буга чейин атаэненин күнөөсүн балдары тартса, азыр убакыт тездеп, адам өз күнөөсүн өзү тартып жатат. Албетте, балдары дагы кошо сокку жешүүдө. Ошондуктан саясатчыларды айыптагандардан "Силер эмнеге өзүңөр саясатка барып, өзүңөрдүн бекем адеп-ахлакка ээ экендигиңерди көрсөтпөйсүңөр" деп сураса болот.

Мен "прогрессивдүү коомчулуктун" саясатка жийиркенүү менен караганы адептүүлүктөн эмес, бийлик деген оор жүктү моюндаштан корккондуктан улам болууда деген тыянакка келдим. Беделин түшүрүп алса, коомчулук таш боор жана тез айыптоого даяр экенин алар өз комментарийлеринен жакшы билишет.

Ошондуктан прогрессивдүү коомчулукка "Өздөрүңөр саясатка баргыла, партия түзгүлө, силердин оюңар боюнча бузулбай турган адамдар жана топтор менен келишимге келгиле" деген сунуш менен кайрылам. Албетте, бул шайлоого үлгүрбөйсүңөр, бирок кийинкисине катышуу үчүн бириккиле. Азыр болсо жийиркенбестен, шайлоого аттанган партиялардын агымына кошулуп, Жогорку Кеңешке аста-аста сарыгып кирип, ал жакта адамзаттын универсалдуу принциптерин коргоо, мыйзамдарды жакшыртуу, коомчулукту туура маалымдоо сыяктуу көптөгөн жакшы иштерди кылсаңар болот. Биз бул тарапта туруп алуп акылсынып турган учурда жогорудагы туура нерселер менен иши да болбогон адамдар саясат кылып жатышат.



КАМИЛА ШАРШЕКЕЕВА

"Адам эмнеге саясатка барат?" деген суроо бердиңиз беле өзүңүзгө? Албетте, мунун түрдүү жообу бар: ал бийликти каалайт, макам жана мансапкорлугунан улам бизнесин сактап калуусу керек, анын жогорку амбициялары бар ж.б.у.с.

Эми "Адам эмне үчүн саясатка аттанбайт?" деген тетири суроо. Анткени анын саясий күрөш үчүн мүмкүнчүлүгү (акча, адамдары, катыштары, планы) жок, ал өзүнө ишене албайт, саясатта эмне кылыш керек экенин түшүнбөйт же "саясат – сасык нерсе" болгондуктан андан жийиркенет ж.б.у.с.

Мен акыркы күндөрү өзүмө "Академиялык чөйрө менен анын эң күчтүү окулдору, бизнес элита менен жаштардын эң прогрессивдүү катмары эмне себептен саясаттан оолак турууну жактырышат?" деген суроо бере баштадым. Эч күмөнсүз алар саясатка кызыгат, сын-пикирлерин айтышат, тигил же бул чечимдерди мазактап күлүшөт, саясатчыларга баа беришет, бирок өздөрү саясатка тикелей катышпайт. Мен муну интернеттеги коомдук тармактардан көрүп, окуп жатам. Албетте, жогоруда тизмектелген нерсенин баары саясатка катышуунун формаларына кирет. Бирок пассивдүү формаларына кирет!

Мен интеллигент жана интеллектуалдардын, жаш же улгайган болобу, жигердүү бизнесмендердин тунук акылы менен таза жүрөктөрүн таарынткым келбейт. Бирок мен барган сайын "бул пассивдүүлүк менен тамаша кылып отура берүү өздөрүнө айта албаган коркоктукту бул жакка коёлу суу жүрөктүктөн келип чыкпайбы?" деген суроону өзүмө кайра-кайра берчү болдум. Анткени чыныгы же жасалма эксперттик статусуна манчыркап, мурунду чүйрүп бийкоо салып, сындап жана шылдыңдап отура берүү саясий оппоненттер менен келишип, татаал, жагымсыз компромисстерге барууга, ири саясий оюнчулардын арасынан суурулуп чыгып сактап калууга мүмкүн болгон нерселерди сактап калганга аракет кылууга караганда өтө эле жеңил.

Саясат эрдикти, эр жүрөктүүлүктү, чечкиндүүлүктү, кээ бир убакта ала көөдөндүк менен куулукка чектешкен бетпактыкты, көрөгөчтүк менен кыраакылыкты, бирок эң негизгиси, чечим менен аракет жана алар үчүн жооп берүүнү талап кылат. Учурдун саясатынын ката кетирүү мүмкүндүгү көбөйүп, аларга жооп берүү тездеген жинди кылган ылдамдыкта, эл аралык жана экономикалык туруксуздукта, коомдук-саясий пайдубалга доо кеткен шарттарда жүргүзүүгө мажбурсуз.

Мен кайра эле өзүмө суроо берем. Биздин прогрессивдүү коомчулук бул "кирди" адепахлактык гана категорияда көрүп, өзүнүн апакай колдоруна "кир" саясаттын тактары жугуп калуусунан коркуп жатабы? Бирок үй салып, бакча отургузуу үчүн чыканакка чейин кирдеш керек экенин моюнга алууну каалабай жаткан жокпузбу?

Биздин эң акылдуу, бардык нерседен күмөн санаган эксперттик, академиялык жана башка прогрессивдүү коомчулук, бизге окшогон "адеп-ахлактуу" адамдар саясий "кирден" качуубуздан улам саясатты мындай таза сезимдер менен башын оорутпаган адамдар ишке ашырып жатканын моюндашыбыз керек го. Биздин үн катпаган макулдугубуздан улам саясатка адеп-ахлак жана терең ой толгоо менен иши болбогон адамдар келип жатканына таң калбашыбыз керек да.

Балким, биздин прогрессивдүү коомчулук эл-журтту жапырт мобилизация кыла алчу күчкө ээ эместир? Балким, биз аналитикалык жөндөм, эксперттик тажрыйба, жогорку сезимталдыгыбызга карабай, өзүбүз айыптап, ачуу какшыктарыбыз менен чекелерине шылдыңыбыздын эн тамгасын басып жаткан бийликтегилердей эле жеке кызыкчылыгыбыз үчүн гана жашап келе жаткандырбыз. Балким, биздин мекенчилдигибиз жасалмадыр, балким, ошондуктан бийликке бизди тоскоол катары көрбөгөндөр бара жаткандыр. Балким, биздин үн катпаган таңыркообуздан улам Кыргызстаныбыз алдыңкы мамлекет болуу мүмкүндүгүн күндөн-күнгө жоготуп бара жаткандыр.

# Айымдар үчүн насыя алуу оорубу?

Аялдар арасындагы атаандаштыктын бийиктиги чексиз болгондуктан, ага эч ким секирип жете албайт. Бири жакшы жашап жатса, экинчиси ага жетүү үчүн убакытты күтпөстөн, насыя алуу менен баарына заматта эгедер болгусу келет. Жыйынтыгында насыя алуучулардын болжолдуу түрдө жетимиш пайызын аялзаты түзөт

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ




Насыя төлөй албай калдык дегендердин акциясы, 2012-жыл

### Насыя алуунун себептери

Заманды талабына жараша насыя алуу менен максаттарга жетүү модага айланып, жашоонун ажырагыс бир бөлүгү болуп калды. Талап канчалык көп болсо, сунуш ошончолук жогору болот дегендей, Кыргызстан боюнча учурда расмий түрдө катталган насыя берүүчү микрокредиттик компаниялардын жалпы саны 166ны түзөт. Бир жыл ичинде эле миллиардаган акчалар чакан кредиттик компаниялар тарабынан насыяга берилет. Алсак, 2013-жылы калкка 27 533 900,5 миң сом өлчөмүндө микрокредит берилсе, 2014-жылы 30 523 409,3 миң сом берилген. Ал эми насыя алган адамдардын саны 2013-жылы 513 494тү түзсө, 2014-жылы 456 587ге жеткен. Булардын ичинен аялдардын саны 2013-жылы 346 396га жетсе, 2014-жылы 290 770ти түзгөн.

Насыя алып сотто жүргөн, үй-мүлкүнөн ажырап көчөдө калган, митингдерге чыккан адамдардын дээрлик көпчүлүгүн аялдар түзөт. Убагында жеке бизнеске же өздүк керектөөгө деп насыя алышып, акчаны кайтарып берүү учуру келгенде түрдүү эшиктерди каккылап, жардам сурап калган аялзатынын бул абалы насыя алып жатканда анын артынан келүүчү кесепетине толук маани бербегендиктеринен кабар берет. Бул көрүнүшкө тиешелүү «Укуктук мейкиндик» коомдук фонду 30 айыл өкмөтүндө 1050 адам катышкан сурамжылоо жүргүзгөн. Сурамжылоонун жыйынтыгында насыя алып жаткандардын көпчүлүгү акча аларда, окууга милдеттүү болгон эрежелерге көңүл бурбай туруп кол коёрлору маалым болгон. Эң негизги максат – тез арада акчага ээ болуу эле. Суралгандардын 25 пайызы тойго, 8% өлүм-житимге, 30% миграция үчүн, 2% кийим-кече сатып алыш үчүн, 35% бизнес максатында алышкан. Ошондой эле шашылыш акча керек болгондуктан жалган бизнес планды көрсөтүп, акча алгандар 65 пайызын түзгөн. Эң кызыгы, насыя алгандардын жарымынан көбү айымдар болгон.

"4 жылдан бери насыя алып иштеримди бүтүрөм" деген Нурзада айым, алгач кичи суммада акча алып, бара-бара көбөйтө баштаганын айтат: "Биз насыяны микрокредиттик компаниядан 5 адамдан турган топ менен алабыз. Алган акчага үй эмеректерин, идиш-аяктарды алабыз. Айтор, өздүк керектөөлөргө жумшайбыз. Башында алганда пайыздык үстөгү жогору болот. Убагында төлөп турсаң, бара-бара азаят. Эгер акчаны төлөй албай калсак жолдошторубуз төлөп берет же болбосо бирибиздин ордуна бирибиз төлөп турабыз".

Учурда бир жерден насыя алып гана тим болбостон, биринчи насыясын төлөбөй туруп экинчи жерден насыя алган адамдар арбын. Айрыкча айымдар ушундай ыкманы колдонуп, натыйжасында карызга белчесинен батып келишет. Турдугүл айым учурда базарда соодагер болуп эмгектенет. Насыяны товар үчүн алары айткан соодагер төмөнкүлөргө токтолду: "Бизде кээде кардар жок болуп калгандыктан, эски товар калып калат, ал эми жаңысын алууга акча жок. Анан насыя алууга туура келет. Базардагы айымдардын баары эле насыя менен күн көрүшөт. Мисалы, менин үч жерден насыям бар, "Финка", "Компаньон" жана бир жеке кредиттик уюмдан. Кээ бир адамдар 4-5 жерден алышат. Азыркы заманда баары насыя менен эле күн көрүп калышкан".

### Аялдар насыя алып, кийин өзүн өрттөөгө барууда

Кыргызда "эл айтат" деген атаандашуу түшүнүктөрү адамдардын аң-сезиминде терең отурукташып калгандыктан, адамдар насыяны ушул себептен улам алат. Мунун натыйжасында үй эмеректери, турмуш-тиричилик техникалары, турак жайды оңдоп түзөө иштери, келин алуу, кыз узатуу, сеп даярдоо сыяктуу адаттагы нерселер үчүн да насыялар бериле баштаган. Бул сыяктуу өздүк керектөөлөргө насыя алган адамдардын жалпы саны 2013-жылы 76 413тү, ал эми 2014-жылы 85 916ны түзгөн. Мындай насыянын төртөн үч бөлүгүн айымдар алганы маалым болгон.

Кыздын себин даярдап, кайра аны сатып акча тапкан Жазгүль айым кардарларынын көп болуусу үчүн "Насыяга берилет" деп жарнама бергенин, жыйынтыгы күткөндөн да жакшы болгонун айтат: "Менин кардарларым билинип тургандай эле баары айымдар. Көпчүлүгү кыздарына сеп даярдоого жетишпей калгандыктан менден алып кетишет. Башында кардарларым аз болчу. Насыяга сеп бере баштаган соң көбөйдү. Эгер насыяга алса, акчаны үстөгү менен, жөн алса, үстөгү жок беришет".

Улуттук Банктын Кардарлардын укугу боюнча бөлүмү насыя алып карызын төлөй албай калгандар насыя алгандардын эки гана пайызын түзөт деген маалымат берген. Насыяны төлөй албай калган адамдар акчаны өздөрү алганына карабастан, микрокредиттик компанияларды күнөөлөп, мамлекеттен карыздарын төлөп берүүсүн талап кылып, өздөрүн өрттөп, органдарын сатууга даяр болгондуктарын жар салып митингдерди өткөрүп келишет. Мындай иш-чаралардын дээрлик бардыгынан аялдарды гана кездештирүүгө болот. Бул митингдерден мисал келтире кетсек:

- 2012-жылы Горький паркында 10 чакты аял бензинди өздөрүнө жаба куюп, өздөрүн өрттөөгө аракет кылган. Бул көрүнүштү өрт өчүргүчтөр, милиция кызматкерлери токтотуп калган.
- Ушул эле жылы насыясын төлөй албай калган аялдар Жогорку Кеңештин алдына митингге чыгышып, Ак Үйдүн тосмолоруна бөйрөктөрүн сатууга даяр экендиктерин көрсөткөн плакаттарды илишкен.
- 2012-жыл, Ош шаарынын борбордук аянтында микрокредиттик компаниялардан насыя алып төлөй албай калган 50гө чукул адам митингге чыккан. Насыяларын жоюп берүүсүн талап кылышып, банктар менен микрокредиттик компаниялардын имараттарын өрттөйбүз деп бийликти коркутушкан.
- 2013-жылы Каракол шаарында насыясын төлөй албай калган 50 чакты киши митингге чыккан, көпчүлүгү айымдар болгон.
- 2015-жылы Улуттук Банктын алдында насыясын төлөй албай калгандар митинг өткөрүшкөн. Катышуучулардын баары аялдар болгон.

### Кредитомания – кумар оюнунан дагы оор илдет

Психологдордун айтымында, насыя алуу психологиялык оору болуп саналат. Бул оорунун өзөгү түрдүү жагдайлардан, айрыкча балалыктан келет. Алсак, кыз карапайым үй-бүлөдө чоңоюп, жаш кезинде каалаганын ала алган эмес. Убакыттын өтүшү менен кыялындагы аткарылбаган нерселерге жетүүнү каалайт. Өздүк каражаты жетпегендиктен насыя алууга мажбур болот. Ошондой эле психологдор айымдарда бири-бирине атандашуу күч алганын айтат. Биринде болгон нерсе экинчисинде жок болсо, айымдар психологиялык жактан кыйналып, кандай гана жол болбосун ага жетүүнү көздөй баштайт. Жыйынтыгында насыя алат. Эркектерге караганда айымдар жарнамага бат таасирленип, "алам" деген принцип аң-сезимдерин ээлеп алат. Ошол себептүү айымдар насыяны майда-чүйдө нерселерге эле ала беришет. Соңунда "кредитомания" деген психологиялык ооруга чалдыгышат. Мындай оорунун таасири кумар оюндарына болгон көз карандуулуктан да күчтүү.

80 пайыздан ашык жарандарыбыз өзүн таандык деген Ислам шарияты боюнча пайызга насыя берүү да, алуу да чоң күнөөлөрдүн бири болуп саналат. Акчаны насыяга берип, андан пайда көрүү сүткорлук деп аталат. Сүткорлук шариат боюнча арам деп эсептелинип, Ислам дининде ага катуу тыюу салынган. Сүткорлук тууралуу Мухаммед Пайгамбарыбыз мындай деген: *"Абайлагыла! Билбестик доорундагы сүткорлуктун бардык түрүнө тыюу салынды. Өз акчаңар өзүңөрдүкү, андан ашыкчасы силерге адал эмес. Мына ушуну эске алып аракет кылсаңар, бирөөнүн укугун тепсебеген да, өз укугуңарды коргогон да болосуңар".*

Ар нерсени мүмкүнчүлүккө карап жасоо керек экенине терең маани бере бербеген айымдардын айрымдары мынтип өздөрүнүн акча алдындагы алсыздыгын көрсөтүп турушат. Алганды билгенден кийин бергенди да билиш керек дегендей, насыяны төлөө учуру келгенде ар кимге доо кыла берүү – бул көңүлгө сыйбаган иш. Насыя алып карызга батып, бирин төлөбөй экинчисин алган айымдар өздөрүнүн финансылык сабатсыздыгын көрсөтүп турушат. Албетте, бардык айымдар ушундай деген алыспыз, бирок алардын санынын күн сайын өсүшү коопто ндурат.




Ак үй алдында болгон акциялар, 2012-ж.

# Бажы биримдигин туура түшүнүү - 2

Киндигибиз кайра туташып калган Россия – бир-боор энебиз баш болгон Евразия экономикалык биримдигине кирүү Кыргызстанга эмне алып келет. Бул макалалар сериясында кандай экономикалык жоготуулар же утуштар болуусу мүмкүн деген суроого жооп берилет. Автор saresepeco@mail.ru почтасынан сунуш, эскертме жана конструктивдүү сын күтөт. Бул изилдөөгө катышам деген башка эксперттер менен кызматташуу жана биргелешип иштешүү сунуштарын кубануу менен кабыл алат

НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ



### Натыйжалуу сүйлөшүүлөр

Кыргызстандын Бажы биримдигине (ББ) кирүүсүнүн шарттарынын бири катары үчүнчү мамлекеттерден алынып кирилген бир нече товардык позицияларга буга чейинки төмөн бажы төлөмдөрүнүн 5 жылга чейин өзгөртүлбөй туруусу болгон. Башаягы айыл чарба жана жеңил өнөр жайынын шаймандары менен чийки заттарына тиешелүү 260 товардык позиция бекитилген. Бул убакыт тилимине кирген жеңилдиктер айыл чарба жана кайра иштетүү тармактарында иш алып барган ишкерлердин тобокелге салуусун азайтууга мүмкүндүк берет. Бардык сырттан киргизилчү товарларга жеңилдик суроо мүмкүн эмес эле. Себеби мындай кылганда 260ка кирбеген товардык позициялардан ББ тарабынан алынган бажы төлөмдөрүнөн түшүүчү кирешелерден куржалак калмакпыз. Учурда Кыргызстан ББ мамлекеттерине киргизилген товардык төлөмдөрдү бөлүштүрүүнүн 1,9 пайызын алууга укугу бар (Армения – 1,1%, Казахстан – 7,33%, Беларусь – 4,7%, Россия – 87,97%). Бул бөлүштүрүү ББга кирген мамлекеттердин 2012–2013-жылдары бажы төлөмдөрүнөн тапкан кирешелерине негизделген. Эгер Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) кирген мамлекеттердин импортунун көлөмү 2014-жылынын деңгээлинде калса, бажы төлөмдөрүнөн Кыргызстандын бюджетине 26 млрд. сомго жакын каражат түшүүсү мүмкүн. Салыштырсак, акыркы жылдары бул төлөмдөр 13,7 млрд. сом болчу.

Мамлекетибиздин ЕАЭБге кирүүсүнө байланыштуу мүмкүндүктөрдү эффективдүү колдонуу үчүн товардык жеңилдиктерден сырткары Кыргыз-орус өнүгүү фонду (Фонд) негизделген. Бул фонддун капиталы 1 млрд. долларды түзмөкчү. Башка айтканда, өндүрүш, айыл чарба сыяктуу түрдүү тармактарга жылына 200 млн. доллар чегерилет. Мындан сырткары бул фонддун каражатына бажы посттору, инфраструктура жана лабораториялар курулмакчы же жаңыртылмакчы. Бул суммадан сырткары Орусия Федерациясы (ОФ) логистикалык борбор курууга 200 млн. доллар бөлөт. Фонд үстүбүздөгү жылдын сентябрь айынан баштап кичи жана орто бизнеске жеңилдетилген кредиттерди берүүнү пландап жатат. Кредиттерди алуунун процедураларын жеңилдетип, анын ачыктыгын камсыздоо үчүн электрондук система түзүлмөкчү. Ал система боюнча Фонддун долбоорлоруна катышкан бардык банктарга насыя алуу боюнча бирдиктүү билдирме калтырса болот.

# Кыргызстандын кирешеси былтыркыга салыштырмалуу 3 миллиард сомго көбөйдү

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2015-жылдын январь-июлунда Ички дүң продуктунун (ИДП) реалдуу өсүшү 7,1 пайыз деңгээлинде болгон, бул 2014-жылдын тийиштүү мезгилинен 3,0 пайыздык пунктка жогору, ал эми ИДПнын номиналдык көлөмү 210,9 млрд. сом деңгээлинде түзүлгөн.

"Кумтөр" кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда, экономиканын реалдуу өсүшү курулуштагы 10,2%, кызмат көрсөтүүлөрдөгү 2,6%, айыл чарбасындагы 4,5%, өнөр жайдагы ("Кумтөрдү" кошпогондо) 6,3%га өсүштүн натыйжасында 4,5 пайызды түзгөн. (2014-жылдын январь-июль айларында 3,3 пайызга өскөн).

2015-жылдын январь-июль айларындагы керектөө бааларынын индекси өткөн жылдын декабрына карата 0,2 пайызга төмөндөгөн (2014-жылдын январь-июлунда 2013-жылдын декабрына карата 5,0 пайызга өскөн).

Былтыркы жылдын тийиштүү мезгилине карата керектөө бааларынын индекси 7,7 пайызды түзгөн (2014-жылдын январь-июлунда 2013-жылдын январь-июлуна карата 6,6 пайызды түзгөн).

Доллардын эсепке алуу курсу 2014-жылдын июль айынын аягына карата 17,91 пайызга жогорулап, 2015-жылдын июль айынын аягына карата 61,0213 сом/АКШ долларын түзгөн.

2015-жылдын январь-июль айларынын жыйынтыгы боюнча өндүрүш өнүмдөрүн өндүрүү реалдуу алып караганда 23,3 пайызга жогорулаган (2014-жылдын январь-июлунда 8,8 пайызга өскөн). Өнөр жайда, "Кумтөрдү" эске албаганда, 6,6 пайызга өсүш байкалган (2014-жылдын январь-июлунда 4,8 пайызга өскөн). Кайра иштетүүчү өнөр жайда 25,3 пайызга, пайдалуу кендерди казып алууда 96,5% реалдуу өсүш байкалган. Энергетика секторундагы өсүш 5,2 пайызга төмөндөгөн.

2015-жылдын январь-июлунда кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү реалдуу өсүш 2,6 пайызды түзгөн (2014-жылдын январь-июлунда өсүш 2,5 пайызды түзгөн). Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо кызматтарынын өсүшү 5,5 пайызды түзгөн, ошону менен бирге чекене сооданын өсүшү (автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары) 3,3 пайызды түзгөн.

Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү 2015-жылдын январь-июлунда 6,4 пайызга көбөйгөн (2014-жылдын январь-июлунда 7,0 пайызга көбөйгөн).

Почталык жана чабармандык иш кызматтары 2015-жылдын январь-июлунда 2014-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 14,2 пайызга төмөндөгөн, байланыш кызматтары 5,0 пайызга көбөйүп, тарифтик кирешелер 15 284,4 млн. сомду түзгөн.

Жүргүнчүлөрдү ташуу кызматтары 2015-жылдын январь-июлунда 2,1 пайызга өскөн. Транспорттун бардык түрлөрү тарабынан ташылган жүктөрдүн көлөмү 2,3 пайызга көбөйгөн (2014-жылдын январь-июлунда 2,9 пайызга өскөн).

2015-жылдын январь-июлунда айыл чарба, токой чарба жана балык уулоо өнүмдөрүнүн көлөмү 82 485,3 млн. сомду, өсүш 4,5 пайызды түзгөн (2014-жылдын январь-июлунда 1,7 пайызга төмөндөгөн).

2015-жылдын январь-июлунда негизги капиталда инвестицияларды өздөштүрүү деңгээли өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу бардык каржылоо булактарынын эсебинен 6,2 пайызга көбөйгөн (2014-жылдын январь-июлунда 12,8 пайызга өскөн). Отчёттук мезгилде иш жүзүндө 44 864,2 млн. сом негизги капиталда өздөштүрүлгөн.



Курулуштун дүң өнүмүнүн жалпы көлөмү 2015-жылдын январь-июлунда 10,2 пайызга өсүү менен 43 866,9 млн. сомду түзгөн (2014 жылдын январь-июлунда 21,3 пайызга өскөн).

Расмий катталган жумушсуздардын саны 2015-жылдын июль айынын этегинде 56,4 миң адамды түзүп, 2014-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 2,6 пайызга азайган (2014-жылдын январь-июлунда 2,7 пайызга төмөндөгөн).

Орточо айлык эмгек акынын реалдуу өсүшүнүн азайышы 2015-жылдын январь-июнунда 0,3 пайызды түзгөн, номиналдык туюнтуудa орточо айлык эмгек акы 12 484 сом деңгээлинде түзүлгөн.

Алдын ала маалыматтар боюнча, тышкы соода жүгүртүү 2015-жылдын январь-июнунда 2 707,9 млн. АКШ долларын түзүп, 2014-жылдын январь-июнуна салыштырмалуу 13,5 пайызга азайган, анын ичинде экспорт – 712,6 млн. АКШ доллары (төмөндөө 2,6 пайызга), импорт – 1 995,3 млн. АКШ доллары (16,8 пайызга төмөндөгөн).

Импорттун көлөмү экспорттун көлөмүнөн чоңоюп кеткенине байланыштуу соода балансынын терс сальдосу 2014-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 23,1 пайызга азаюу менен 1 282,7 млн. АКШ долларын түзгөн.



# Тишти кантип туура сактоо керек

Тишти тазалап жууп туруу бала кезден жасалып келе жаткан көрүнүш болгондуктан, "Эмне себептен жууш керек" деген суроо эч кимде туулбаса керек. Бирок күнүмдүк гигиенаны туура аткарып, тишти кантип туура сактоо керек экендигин билүү ар бир адам үчүн зарыл нерсе



ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

## Тишти эмне үчүн тазалоо керек?

Тишти тазалоонун эң негизги максаты – тишти тамактын калдыктарынан арылтуу. Бузулган тиш көптөгөн оорулардын себепкери болгондуктан, тазалоо жолу менен кариестин алдын алуу, тишти бузулуудан сактоо, ооз көңдөйүн жагымсыз жыттардан арылтып, бактериялардын алдын алабыз.

Тишти тазалап жатканда көпчүлүк адамдар туура тазалоо ыкмасын биле беришпейт. Тишти туура эмес тазалоонун жыйынтыгында кариес пайда болуп, андан башка түрдүү көп ооруларга түрткү берет. Туура тазалоо жалпысынан төрт компонентке бөлүнөт:

- Тиш щеткасынын кыймылы;
- Щетканын сапаты;
- Туура тандалган тиш щетка;
- Тазалоо процедурасынын тынымсыз болушу.



## Тишти туура тазалайбыз

- Тиш тазалап жатканда колдун кыймыл-аракеттери өйдө-ылдый болуусу шарт. Тактап айтканда, өйдөңкү тишти өйдөдөн ылдый, алдыңкы тиштерди ылдыйдан өйдө тазалайбыз.
- Тишти аз өлчөмдөгү тиш пастасы менен тазалайбыз. Щетканын бардык бетин толтуруп, пастаны көп колдонуунун пайдасы жок.
- Тазалоо процедурасы 3 мүнөттөн кем болбошу керек.
- Тишти тазалап бүткөн соң тилди да сөзсүз түрдө тазалоо керек.
- Тишти чайкап жатканда жылуу суу колдонуу керек, суунун муздак болушу тиш эмалына доо кетирет.

## Тиш пастасын тандайбыз

- Тиш паста сөзсүз түрдө курамына эмалды бекемдөөчү фторду камтышы керек.
- Жаш бөбөктөр тиш жууп жатканда пастаны жутуп алгандыктан, өздөрүнүн жаш курагына туура келген тиш пастасын гана алып бериңиз.
- Тиш агартуучу пастаны 1 айда бир эле жолу колдонгонуңуз туура.
- Антибактериялык компоненттерди (триклозан же хлоргексидини бар) камтыган тиш пастасын дарыгердин көзөмөлү алдында гана колдонуңуз.





## Тиш щеткасын кантип туура тандоо керек?

- Тиш щетка орточо формада кутурак болуусу зарыл.
- Катуу щеткаларды тишиңиздин бекемдигине ишенсеңиз гана колдонсоңуз болот. Бирок мындай щеткалардан оолак болгонуңуз жакшы.
- Жумшак щеткалар тамак калдыктарын толук тазалабайт. Мындай түрдөгү щеткаларды сезимтал тиштерге колдонсо болот.
- Щетка сатып алып жатканда башынын чоңдугуна көңүл буруңуз. Чоң көлөмдөгү тиш щетка тишти тазалоого тосколдук жаратат.
- Тиш щетканы ар бир 3-4 айда алмаштырып турууну унутпаңыз.
- Электрдик жана вибратордук тиш щеткаларынын жөнөкөй тиш щеткаларынан айырмасы жок. Болгону мындай щеткалар кары адамдарга, жаш балдарга туура келет.

## Тишти тазалап туруунун убактысы

Тишти эрте менен жана кечинде тазалоо керек:

- Кечинде тишти уктаар алдында тазалоо керек. Максаты – күн бою жеген тамак калдыктарынан тишти тазалоо.
- Эрте мененки тишти тазалоо боюнча эртең мененки тамакка чейин тазалоо керекпи же тамакты жеп бүткөндөн кийинби деген эки маселе бар. Эрте мененки тамактан кийин тишти тазалоо, жагымсыз жыттардан арылтып, бактериялардын алдын алат. Бирок тамакты жуулбаган тиш менен ичүү көпчүлүккө жага бербесе керек. Ошондой эле жуулбаган тиште микробдор арбын болот.

## Мителерден сактангыла

АЙНУРА ЧЕНДЕЕВА, **Үй-бүлөлүк медицина борборунун врач-педиатору**

Чүчөк оорусу (энтеребиоз) узундугу 1 см болгон жумуру ак курт, чүчөк мите куртту пайда кылат. Бул курттар адамдын жоон ичегисинде жашап, түнкүсүн оорулуу уктап жатканда жоон ичегиден сыртка сойлоп чыгып, көтөн чучуктун айланасындагы теринин бырыштарына ар бир курт өзүнүн 200дөн ашык жумурткаларын таштайт. Ал жумурткалардан 5-6 сааттан кийин кадимки чүчөк курттар пайда болот. Чүчөк менен көбүнчө балдар жана тазалыкты сактабаган чоң кишилер жабыркашат.

Оорунун эң биринчи белгиси – көтөн чучуктун кычышуусу. Кычышкан жерди тырмаганда колго, тырмак астына жабышкан жумурткалар төшөнчүгө, ич кийимге, оюнчуктарга, тамак-ашка, идиш-аяктарга жугуп, аларды булгайт. Булганган кол, буюмдар, митенин жумурткалары тегеректеги соо кишилердин оозу аркылуу ичегиге түшкөндөн кийин жумурткалыктан личинка чыгып, адамды чүчөк оорусуна чалдыктырат.



Мындай учурда чүчөк улам-улам кайра жугушу мүмкүн. Оору узакка созулуп, өнөкөт түргө айланат. Баланын көтөнү дайыма кычышат, тырмаган жерге микроб кирип, ириңдеп кетиши мүмкүн. Кызарат, шишийт, жарага айланат, аябай сыздап, ачышып ооруйт.

Эгер чүчөк болгон баланы өз убагында дарылабаса, анын уйкусу качып, тынчсызданып, ыйлаак болот. Тамакка табити тартпайт, башы ооруйт, кыжырланат, эч нерсени сүйбөйт. Уктап жатканда тишин кычыратат. Мына ушунун баары адамдын окууга жана жумушка болгон жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт.

# Кубанычым бирөөнүн ийгилигине кедергисин тийгизбесе дейм

Акындыкка талапкер, дүбүртү күчтүү келе жаткан жаш акындардын катарын толуктаган, элегиялуу, муңдуу ырлардын автору Доранбек Акжол уулунан кызыктуу маек

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

**– "Күрөш жүрүп, турмуш деген алп менен" дегендей, сиздин дагы азыр турмуш менен күрөшүп жүргөн учуруңуз болсо керек?**

– Ооба, турмуштун өзү күрөш болуш керек. Ушул жылы КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясын аяктадым (бухгалтер-аудитор кесиби боюнча). Турмуштун ары татаал, ары түйшүктүү, ары кызыктуу этаптары эми башталды көрүнөт. Тиричиликтин агымына жаңы кошулуп баштаганда төмөндөгү ой-толгоолор пайда болду:

### Ушул чак

*Ар бир кадам ыңгайына эп келбей,*
*Абал азыр эрксиздикке жектелмей.*
*Таалайым бут - уктап, түштө ойгонгон,*
*Таң тоспогон күндөр менен кеткендей.*

*Кайра салып, айыбы жок эзгинге,*
*Кайталанып бул арасат кез күндө.*
*Күүгүм түшүп бараткансып өмүргө,*
*Кубалабай... кубаланам мезгилге.*

*Айла, амал тапчу кээде кез болот.*
*Анын баары керектелчү кезде жок.*
*Көп нерсени аян кылган түштөрдү,*
*Көргөндүрмүн... азыр толук эсте жок.*



*Өмүргө өңүм байкалбаган сүрөттөй,*
*Өзүмө-өзүм тутулуучу күн өтпөй.*
*Баркы ушул өтүп жаткан күндөрдүн,*
*Баракталып, окулбаган китептей.*

*Тоскоолдуктан болоор балким дем күчөө,*
*Тойлоп алам балким тынбай өлгүчө...*
*Мунун баары унутулат бир күнү,*
*Мындай учур кайталанып келгиче...*

*Дагы далай тагдыр "мушу" көздөлөт,*
*Дагы канча турмуш сырын көз көрөт.*
*Өөрчүгөнү мындай чактын басылып,*
*Өз ордумду тапкан күндөн өзгөрөт...* деп, өз ордумду табууга аракеттенип баштадым.

**– Алдыга умтулууда, максатка жетүүдө кандай аракеттерди жасап, кандай кадамдарга барасыз?**

– "Ийгиликке жетсең бирөөнү кубантасың, бирөөнү ыйлатасың..." дегендей, максатка жетүүдө анчалык деле жанталашып чуркай бербейм. Ал максаттуу жолдон тапкан кубанычым бирөөнүн ийгилигине кедергисин тийгизбесе дейм. Болгону ыңгайлуу учурду күтүп, ошого жараша иш жүргүзөм.

**– Максатыңды көздөй бара жатканыңда алдыңдан үрүп чыккан иттер болот, аларга кандай мамиле кыласыз?**

– (күлүп) Үрүп чыккан иттин баары эле тиштей албайт да! Каршы жулунуп чыгуу менен да пайда таппайсың. Баарына теңеле берүүнүн да кереги жок деп эсептейм. Унчупай коюу керек го...

**– Мекенибизде болуп жаткан окуялардын, иштердин кайсынысы сизди кубантып, кайсынысы сизди өкүндүрөт?**

– Кайсы жерге барба ар кайсы уюшулган топтордун өз-өзүнчө жашоо образын түзүү, кыялдагы өлкөнү куруу боюнча ар кимдин ар кандай көз караштары, концепциялары бар... Ушундай жеке көз караштын, өздүк пикирдин өскөндүгү сүйүндүрөт. Бирок мындай идеологиялык топтордун аябай көп экендиги, чыныгы идеологиясы бар бир топтун суурулуп чыкпай жаткандыгы, башкача айтканда, жалпы идеологиянын жоктугу жалпыбызды эле өкүндүрсө керек...

**– Жашоодо чөйрөңдү, досторуңду туура тандоо керек. Досторуңуз кандай сапаттары менен сиздин достугуңузга татыктуу болушту?**

– Достун да досу болот деңизчи...(күлүп) Бирок мен чогуу жүргөн, дос деп эсептегендер жөнөкөй, кылганын милдет кылбаган, өзүнүн гана камын ойлобогон адамдар деп үмүттөнүп жүрөм.

**– Көбүнчө сиздин калемиңизден кандай ырлар жаралат?**

– Сүйүү... болгондо да элегиялуу, муңдуу ырлар. Бирок акыркы күндөрү жеке өзүм тууралуу, анан жаңы өздүк көз караштарды чагылдырган ой циклдерин жазып жүрөм.

**– Адабият чөйрөсү башка чөйрөлөрдөн эмнеси менен айырмаланып турат?**

– Башка чөйрөлөргө салыштырмалуу тазалыгы менен айырмаланып турат. Себеби материалдык кызыкчылыкты көздөө деген түшүнүк такыр жок. Баары өз чыгармачылыгын өркүндөтүү, адабий түшүнүгүн кеңейтүү менен алек. Материалдык кызыкчылык турган жерде тазалыктын боло бербегендигин баарыбыз эле билсек керек. Баардык көйгөйлөр материалдык кызыкчылыктан башталат десек да болчудай. Ал эми мен бул чөйрөдөн жакшы адамдарды, досторду таптым. Таба элегим көп, буйруса, үмүтүм зор...

**– Учурдагы адабияттын абалы?**

– Кыргызстандын абалындай...

### Жашоо эмне...

*Өзү жашоо ар бир таңды аруулоо,*
*Өз чындыгың акыйкатка таңуулоо.*
*Өткөн изге урпактарды калтырып,*
*Өмүр сүрүп, кайра өмүрдү жаңылоо.*

*Жазыгына карап "нерсе" жөндөлгөн,*
*Жаратык - бут бир максатка көздөлгөн.*
*Жай турбаган, туруксуздук сезилген,*
*Жашоо- булут бир заматта өзгөргөн.*

*Жашоо сабак, сыноолорго чыйралуу,*
*Чындык, кадыр, абийир менен сый таануу.*
*Жаралып да, өмүр сүрүп жарыкта,*
*Жакшы-жаман Тагдыр менен сыйлануу.*

*Көңгөн күндө сөздү сүйлөө эп билем!*
*Көксөөмдү бут ырлар менен жеткирем.*
*Жашоо мыйзам ченем иш деп, түшүнүп,*
*Жашоо буйрук, жазык, миссия деп билем!*



**Калемгер жөнүндө**

**Туулган жылы:** 1994-жыл, 14-апрель.
**Сүйүп окуган китеби:** Александр Дюма "Узник замка Иф", Төлөгөн Касымбеков "Сынган кылыч", Артур Конан Дойл "Шерлок Холмс";
**Баалаган жазуучулары:** Мурза Гапаров, Чыңгыз Айтматов, Төлөгөн Касымбеков, Артур Конан Дойл, Александр Дюма, Жолон Мамытов, Омор Султанов;
**Эч нерсеге алмашпайт:** Ата-энени, досту, мекенди, калпакты;
**Максаты:** өзүмдү табуу, индивидуалдуулукка жетишүү;
**Жашоодогу урааны:**

1. Ар кимдин өз чындыгы бар. Бирок акыйкат бирөө!
2. Чындык деп, чырым этпей үңүлөмүн,
   Чындык деп, өмүр бою жүгүрөмүн.
   Жеңсем да жалгандыктын арстанын,
   Чындыктын чымынына жүгүнөмүн... (Жолон Мамытов)

# “Ар ким өз билгениндей жазган коомдо жашап калдык”

Эмнегедир аял жазуучулар сейрек. Ошол сейректерди сенейтип таштап койбой, коомчулукка таанаштыра жүрүү да биздин калемгерлик милдетибиз сыяктуу. Ушундан улам бул жолку адабияттык рубрикабызды аял жазуучулардын көкүрөк көйгөйүнө арнадык. Талкуунун катышуучулары КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу, акын Меңди Мамазаирова, акын, жазуучу, журналист Айнагүл Базарбаева, жазуучу жана коомдук ишмер Ленара Ниязбекова жана акын, жазуучу, журналист Гүлзина Мыйзанбековалар болушту. Эмесе ошол көйгөй көтөргөн маек сиздердин сыныңыздарда



Маектешкен ЭРЛАН ЖУМАГАЗИЕВ

**– Саламатсыздарбы? Алгачкы эле суроону улуу муундун өкүлү катары сизге бергим келип турат, Меңди эже. Учурдун адабияты сиздин купулуңузга толобу?**

**Меңди Мамазаирова:** – Советтик системада адабиятты партиялык идеологияны жайылтуунун булагы катары пайдаланып, партия каалаган максатты акын-жазуучулар, журналисттер алып берет эле. Ал мезгилдин акын-жазуучулары ардактуу болчу. Мунун натыйжасы чыгармачылыкты кесип катары пайдалануу, ошонун аркасы менен калем акы алып жан багуунун куралына айлантууга алып келген. Жазган чыгармаларыбызды “Ала-Тоо” журналы, “Кыргызстан маданияты” сыяктуу гезит-журнал беттеринен окуп турар элек. Китептер байма-бай чыгып турчу. Тематикалык план деген бар эле. Ага киргенден кийин басмакана, редакторлор талап кылып отуруп, жыйнагыңды басып беришчү. Кыскасы, шартты жакшы түзүп беришчү.



Азыр заман башка. Жазгандарыңды элге көрсөтүп, жеткирип мен мобуну жаздым дей албайсың. Ар ким өз бетинче, өз билгениндей жазып калган коомдо жашап калдык. Андыктан учурдун адабиятына, айрыкча, прозага баа берүү өтө кыйын. Себеби андагыдай мобуну жаз деген талап жок. Өзүңдү-өзүң таанаштырып турбасаң, өткөн доордогудай мамлекет жайылтат деген түшүнүк таптакыр алыстап кеткен. Ким эмнени жазып атат, кандай жазуучу чыгып келатат, анын өзгөчөлүгү эмнеде деп сереп салгандар сейрек. Ар ким өз көйгөйү менен алек. Адабий басылмалар деле колубузга көп тийбейт. Айрым аңгеме, повесттерди сандан-санга баскан гезиттер деле бар. Бирок алардын талабы башка. Нукура улуттук баалуулукту камтыган, көрөңгөсү бай, таалим-тарбиясы мыкты чыгармаларды баспайт. Булардын максаты – улуттук адабияттагы кандайдыр бир жанрды өнүктүрүү эмес, тетирисинче, эптеп окурмандын санын көбөйтүү, рыноктон өз ордун табуу.

**– Кечиресиз, андагыдай талап кылуу, бекер басып берип берүү, бекер жайылтуу азыр жок деп айтып атасыз. Бирок бүгүнкү күндө улуу муундун китептери жаштардыкынан да көп чыгып атканын билебиз. Мунун сыры эмнеде?**

Меңди Мамазаирова: – Биз жазбай коё албайбыз. Биздин муун чыгармачылыкты кесип катары көрүп калганбыз. Жазбай койсок жан дүйнөбүз тынчтык бербейт. Ырас, кайталап айтам, “Мамазаирова, сен мобуну жазбай атасың” деген эч ким жок. Бирок менин ички талабым жазбай коюума жол бербейт. Көнүп алган нерсени таштап салуу да кыйын.



**Ленара Ниязбекова:** – Чынында, адабият – бул коомдун куралы. Адабият коомго бактылуулук алып келет же бактысыздык алып келет. Бүгүнкү күндөгү чыгармалар коомго көбүрөөк бактысыздык алып келип аткан сыяктуу. Дегеним, чыныгы таланттар мезгилди күтүп отуруп калса, ал эми ооката, акчага байланган жасалма таланттар ат чабым алдыга озуп кетишти. Ошонусу менен биздин коомду “өлгөндүн үстүнө көмгөн” кылып атышат.

Таланттты таптоо деле адистерди даярдаган сыяктуу чоң мектеп. Мына Меңди эжебиз жакшы билет. Советтик доордо адабиятчыларга “Силер биздин коомдо агартуучусуңар, жол баштоочусуңар” деген дем-күч берилип, колдоо күчтүү эле. Жаштарды “андай жазгыла, мындай жазгыла” деп жетелеген чоң мектептер болгон. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө биз ошол мектептен ажырап калдык. Ар ким өз киндигин өзү кесип калды.

**– Учурда акынмын дегендер көбөйүп кетти. А проза жаатында изденгендер бирин-серин. Эки жанрды тең бирдей алып жүргөн калемгерлер катары айтсаңыздар, ыр жазуу ушунча оңой болуп калдыбы?**

Меңди Мамазаирова: – Чындыгында, кайсы гана жанр болбосун, оңою жок. Айрымдар айтат, “уйкаш менен муун өлчөмдү үйрөнүп алсаң эле куплет-куплет кылып жазып кете бербейсиңби” деп. Анығында, жүрөктөн чыккан нукура поэзия таптакыр башка, талабы бөлөк. Ал ой келди бирдемелерди жамактап чүргөй салуу эмес. А тескерисинче, кара сөзгө келгенде да, “Ой, кобурап отурганыңдай жазып кете берсең эле проза болбойбу, анын эмнеси кыйын?” деп ойлогон инсандар да бар. Сөз ордуна түшпөсө, жазуудагы максатыңды көркөм чеберчилик менен ачып бере албасаң, проза да кыйын.

Туура, учурда айрыкча интернет беттеринде жаштардын ырлары жайнап чыга баштады. Көбү махабат темасында. Жаштардын баары эле ыр жазат деп күнөөлөөнүн кажети жок. Себеби өзүнүн мезгили, жаш курагы ошону талап кылат. Баарыбыз эле алгач ырдан баштаганбыз.

Ленара Ниязбекова: – Менимче, поэзия да, проза да жан дүйнөнү агартуучу курал. Ансыз деле ыпылас чыгармаларды окуп атып, тумандап аткан жан дүйнөбүз таптакыр туңгуюкка кептелип калды. “Оңго барсаң, атың өлөт, солго барсаң, өзүң өлөсүң, түз кетсең, келер-келбесиң арсар” дегендей, алдыга эмес, тескерисинче, эки кадам артка кетирген коомдук сезимди пайда кылып атат мындай китептер, мындай кинолор.

Прозаны жазуу чынында өтө татаал. “Кыял болсо, фантазия болсо, жөн эле акын-жазуучу боло берет экенсиң” деп ойлочу элем. Көрсө, мен ойлогондой эмес экен. Адам өзүнүн башынан өткөн турмуштук тажрыйба-окуяларын жан дүйнө элегинен өткөрүп, акыл-парасатка кошуп жууруп, анан элге сабак болсун, окуган адам кандайдыр бир деңгээлде эстетикалык ырахат алсын деп сунат экенсиң.



**Айнагүл Базарбаева:** – Чындыгында, бул жеңил, бул оор деп бөлүү кыйын. Менин жан дүйнөмө экөө тең жакын. Айрым учурларда ыр менен жеткире албай калган ойлорунду кара сөз менен төгүп аласың. Анын үстүнө учурдагы прозаларым кыска жанрдагы кандайдыр бир деңгээлде поэзияга жакын. Жазып аткан учурда прозанын да поэзиядай касиетин көрөт экенсиң.

**– Сөзүңүзгө аралжы, сурайын дегеним, ырдан кара сөзгө өтүп кетишиңиздин себеби эмнеде?**

Айнагүл Базарбаева: – Ойлоп отурсам, тарыхта кыргыз аялзатынан проза жанрында эмгектенгендер аз экен. Менимче, проза жазуу Зуура Сооронбаевадан башталса керек. Аялзаты сезимтал болгондуктан, поэзияга жакынбы же башка да себептери барбы, айтыш кыйын.

Балким, бул Меңди эженин да оюнда бардыр. Кыргыз аялзаты чоң жанрдагы, олуттуу көйгөйдү камтыган эпикалык чыгарма да жазышыбыз керек экен. Айталы, Төлөгөн Касымбековдун “Сынган кылычы” сыяктуу эле биз – прозаик аялзаты эмне үчүн Курманжан энебиздин аялдык образын жаратакан көлөмдүү чыгарма жарата албайбыз? Бул да ойлонто турган маселе.

Меңди Мамазаирова: – Ушул жерден Айнагүлдүн сөзүнө тактоо киргизип койгум келип атат. Анығында, алгачкы прозаик аял Айым Айтбаева болгон. Бу киши жазуучулуктан тышкары саясий иштерде да жүргөн. Залкар калемгер Насирдин Байтемировдун жары эле. Чакан аңгемелерди жазып жүрүп, кийин “Тамчы кан” деген көлөмдүү романын жазган. Андан кийин анан Зуура эже экөөбүз жазып баштадык.

*Уландысы бар*

# Мыйзамсыз жерлерди мыйзамдаштырууну каалаган жарандар

**Кыргызстанда чечилбей келе жаткан орчундуу социалдык маселелердин бири – калкты турак жай менен камсыз кылуу. Мындан көп жылдар мурун жер басып алуу толкундоолору орун алган. Ошол окуядан пайдаланып, Алтын казык, Ала-Тоо, Ак-Жар, Ак-Ордо конуштарынын тургундары да жерлерди мыйзамсыз басып алышкан. Учурда алар басып алган жерлерин мыйзамдаштырууну талап кылышууда**



АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

### "Сүрдүрүп салыш керек" деп калктын кыжырына тийүүдө"

"Трансформация" кыймылынын башчысы Бекназар Айталиевдин айтымында, жакынкы аралыкта Жогорку Кеңеш көтөрүп чыккан калк жайгашкан жерлерди трансфармациялоо мыйзамы добуш берүүдөн өтпөй калган. Ошого байланыштуу биздин кыймылга, коомдук активисттерге кайрылуу көп түшөт. "Жакында коомдук активисттерден турган "Трансформация" деген уюм түздүк. "Трансформация" кыймылынын максаты калк жашап жаткан жерлерди трансформацияга киргизүү болуп эсептелинет. Эмне үчүн буга чейин өкмөт, мамлекет, ЖК, калктуу конуш салынып жаткан кезде "бул жерге салганга болбойт" деп токтотуп койбой, учурунда уруксат беришкен? Бүгүнкү күндө кайра "Трансфармациялоого болбойт, документтештирип бере албайбыз, керек болсо, сүрдүрүп салууга туура келет" деген сөздөр менен калктын кыжырына тийип атат",-дейт кыймылдын башчысы.

### "Кыргыз элинин көбөйүшүн каалабагандар – душмандар"

**Ак-Жар конушунун Осмон аттуу тургуну:** "Азыркы учурда Өзбекстанда 28 миллион өзбек улутундагы эл бар. Казактарда 20 миллион эл бар. Биздеги 5 миллион элдин 3 миллиону кыргыздар. Анын 1 миллиону сыртта жүрөт. Орто Азиядагы калкынын саны эң аз мамлекет биздиз. Адамдар көбөйгөндөн кийин жерге муктаж болот экен. Ал эми биздин чоңдор жерге муктаж болгон калктын маселесин чечүүнү артка жылдырып келатат. Салынган үйлөрдү түрттүргөнгө, жашаган адамдарды камаганга чейин барып атышат. Кыргыз элинин санынын көбөйүшүнө каршы болгон адамдарды кыргыз элинин душманы десек болот. Өлкө качан оңолот? Адамдардын турак жай маселеси чечилбесе, бул коом дайыма чачыранды болуп келе берет. Ал эми чачыранды мамлекеттин эч качан экономикасы өспөйт. Эгемендикти алганыбызга 25 жыл болду. Казактар Астананы чоң шаар кылып куруп салды. Советтер Союзу учурундагы дүйнөгө белгилүү Бишкек деген эң таза шаарды булганган шаарга айландырдык. Эми Бишкектин тегерегиндеги курулган үйлөрдө жашап жаткан Кыргызстандын тургундарынын жерлерин трансформация кылып, колдоруна кызыл китепти берүү керек. Кыргызстанды түрө кыдырганда 12-13 миң гектар жерде 43 миң үй-бүлө кызыл китеби жок жашап жатышыптыр. Бул азыркы учурдун көйгөйлүү маселеси. Ак-Ордодо канчалаган гектар жерлер, жарым-жартылай салынып, кулап жаткан үйлөр толтура. Бул көйгөй бышып жетилип калды, жакшылыкка алып барбайт. Бул кыргыз элинин өсүүсүнө түздөн-түз тиешеси бар маселе. Жакын арада бул чечилиш керек. Чечилбей турган маселе болбойт. Ушул көйгөйдү чечүү өзүбүздүн колубузда. Трансформация боюнча 2010-жылы мораторий кабыл алынган. Былтыр аны алып, сугат жерлерине киргизилген жерин гана калтырып коюшту. Илгерки убактагы кыз-жигиттин кат алышуусу сыяктуу эле каттар келет. Өкмөткө жазсаң, ал мэрияга, мэрия мамлекеттик каттоого, ал жактан болсо департаментке, департаменттен "Болбойт, анткени мыйзам жок" деген жооп келүүдө",- дейт.

### "Турак жай эмес, базар эмес, мазардан дагы орун тийбей жүрөбүз"

**Ала-Тоо жаңы конушунун тургуну Ыргалай Бекмуратова:** "Калайык калктын мамлекеттин чиновнигинен тартып жаңы төрөлө турган бала дагы келечекте өзүнүн мамлекетинен турак жайга ээ болуш керек. Башка улуттардан жер басып алган жарандар жок, антекени алар муктаж эмес. Башка улуттагы адамдардын укугу корголот, бардык жактан коргоого алынат. А биз болсо, бүгүнкү күнгө чейин турак жай эмес, базар эмес, мазардан дагы орун тийбей көрүнгөн жерде жүрөбүз. Бул эмне деген мамлекет? Муну менен мен мамлекетти күнөөлөгүм келбейт. Мамлекетте иштеген чиновниктердин күнөөсү. Бүгүнкү күндөгү бир гана сураныч – мораторийди алып салуу. Учурда калктын баш калкалай турчу жери болбосо, он миңдеген балдарың эртеңки күнү мектепке бара албаса, 100 миң эл турак жайга муктаж болуп турганда, канчалаган ооруган адамдар ооруканага жата албай жүрүшсө эч ким жардам берейин дебейт. Бул нерселер мамлекеттин трагедиясы. Көйгөйлөрдү көтөрүп чыксаң "ОБОНчу" дешет, кээ бирлери "мекенчил" дешет. "Өз алдынча жерди басып алды" деп аларды күнөөлөбөстөн, мамлекеттин жараны катары карап, унчукпастан жерди мыйзамдаштырып берүү керек. Мыйзамсыз үйлөрдө жашаган элдердин 10дон балдары бар. Эгер керек болсо, комиссия түзүп алып, текшерип көрсө 1 кичинекей бөлмөдө 5тен, 10дон баласын багып отурган ата-энелер бар. Алардын укугун бүгүнкү күндө эч ким коргогон жок", - дейт.

*Мыйзамсыз жерлерди мыйзамдаштырууга жол бербей жатат деген Мамлекеттик каттоо кызматы жана Бишкек шаарынын жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укукту каттоо башкармалыгы менен байланышып, окуянын чоо-жайын угууну туура көрдүк.*

### "Мораторий алынмайынча, биз эч нерсе кыла албайбыз"

"Биринчиден, бул өлкө башчысынын жарлыгы боюнча коюлган мораторий. Ал мораторий алынмайынча, биз эч нерсе кыла албайбыз. Муну биз эмес, Жогорку Кеңеш караш керек. Азыркы settings дeги мыйзамдар боюнча жерди трансформация кылуу айыл өкмөтүнөн башталат. Айыл өкмөт конуштардын тургундары жана өзүнүн жергиликтүү кеңеши менен бирге карап, алардын чечими чыгарылгандан кийин айыл өкмөтүнүн токтому чыгып, райондо жиберилет. Район токтом чыгарат. Райондун токтомунан кийин облус токтом чыгарат. Облустан кийин ошол кагаздардын баары Өкмөткө барат. Өкмөт ошол кагаздарды карап, Мамлекеттик каттоо кызматына (Мамкаттоо) токтом долбоорун жөнөтөт. Мамкаттоо бүт баарын даярдап, кол койдуруп, анан Өкмөткө киргизилет. Акырында премьер-министр кол койгондон кийин трансформация болот. Биздин мекеме каттоо органы болгондуктан, мыйзамга туура келген документ болсо, каттоодон өткөрөбүз",- деди Бишкек шаарынын Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укукту каттоо башкармалыгынын башчысынын биринчи орун басары Мелис Кадырмамбетов.

### "Документтин негизинде каттоодон өткөрөбүз"

"Трансформацияны биз кылбайбыз. Трансформацияны Өкмөт жасайт. Өзүңүздөр билгендей, азыр мораторий бар. Трансформациянын жасоо үчүн атайын коллегия түзүлөт. Коллегия чыгарган документтин негизинде Кадастр департаменти өзүнө тиешелүү процедурадан өткөрөт. Андан кийин биздин Мамлекеттик каттоо кызматынын каттоосунан өткөрүлөт. Ага чейин эч кандай документке негизделбеген мүлктү биз каттоодон өткөрө албайбыз. Эгерде ал тургундардын документтери жок болсо, чечим жок болсо, токтом чыгарылбаса, биз кантип каттап беребиз? Же болбосо "ушул жарандарга ушул жер берилсин" деп соттун чечими чыгат. Ошонун негизинде бизге келүүдөн мурун сөзсүз түрдө "бул жер бул кишиге таандык" деген документ болуш керек. Анан ошол документтин негизинде биз каттоодон өткөрүп беребиз. Ага чейин эч кандай жер тилкелерин мыйзамдаштырып, каттоодон өткөргөнгө биздин укугубуз жок", - дейт Мамлекеттик каттоо кызматынын басма сөз кызматынын башкы адиси Эльзат Кадырмышева.

Эскерте кетсек, 2009-жылы сугат айдоо аянттары азайып баратканына байланыштуу жана азык-түлүк коопсуздугун сактоо максатында мындай жерлерди трансформация кылууга тыюу салган мораторий киргизилген.

Мамлекет мыйзамсыз жерлерди басып алган үй-бүлөлөрдүн алахыбалын байкап, чын эле ошол жерлерди басып алган бүлөөлөр жетишпеген жашоодо жашап жатышса айласыздан ушундай кадамга барган адамдардын жана балдарынын көз жаштарынын убалын ойлоп үйлөрүн түрттүрбөй мыйзамдаштырып берсе деле болмок. Анткени азыркы биздин оор, катаал жашоо турмушта ар бир адам эң көп дегенде 10-15 миң сом айлык менен балдарын, аялын багабы же кайра үй салабы? Мамлекет маселенин бул жагын да карап көрүп, туура чечим чыгарат деп үмүттөнөбүз.

# Эркиндикти жеп, түбүнө жеткен оорулар

Дүйнөдө эгемендүү көрүнгөнү менен жашыруун башкаруу аркылуу эски колонизаторлор жаңы ыкма менен мурункудай эле калкынын ресурстарын соруп жаткан көп өлкөлөр бар. Андай өлкөлөрдүн бири – Тунис. Окурманыбызды Тунистин айкын жана жашыруун саясатын бирге изилдеп чыгууга чакырабыз



АРИФ ӨЗБЕК

### Француздардын куулугу

Тарых китептеринде "Тунис 1956-жылы Хабиб Бургиба тарабынан көз карандысыздыкка жетти" деп жазылат. Бирок чындык башкачараак болгон. Империалист мамлекеттер ал жылдары бардык колонияларды баштарына өз адамдарын коюп, эгемендүүлүктү өздөрү белек кылышкан. Бул өзгөрүү доорун бир кинодогу окуяга окшоткум келет. Бай фабрикант бир топ карып калган кезинде улам көбүрөөк убакытты талап кылып баштаган фабрикасынын иштерин жүргүзө албай калгандай абалга келет. Тасманын башкы каарманын кызы менен никелештирип, фабрикасына мүдүр кылып дайындагысы келет. Жаңы жетекчи үй-бүлөнүн ичинен болбосо да, туугандыгынан улам кожоюнга жан дили менен кызмат кылып, фабриканын кирешесин дагы жогорулатат. Ошентип акча табуусу буга чейинкисине караганда жакшыраак уланса да, өзү өтмүштөгүдөй иштеп чарчаганга мажбур болбойт.

Тунис жана башка колониалдык өлкөлөрдө ушундай окуялар көп болгон. Француздар 1956-жылы Тунисти Сорбоннада окутуп, бир француз полковниктин жесирине үйлөнткөн, жан дили менен кызмат кылуусуна шектенбеген Хабиб Бургибага өткөрүп берип кетишкен. Алар кеткен убакта да Тунистин байлыктарынын Францияга агуусу токтогон эмес. Бүгүн да Тунистин соода тармагынын жүздөн элүү пайызынын көбү Францияга карайт. Тунис калкы башталгыч классынан баштап французча билим алып, "улуу ага" катары Францияны гана тандап келет. Мынчалык ири өндүрүш жана маданий жетишкендиктерге француздар Тунисти өздөрү башкарып кала берген кезде жете албастыгы айдан-ачык болуп турат.

### Эркиндик беримиш болуп, элин аңдыткан диктатор

Өзүн Тунис калкынын устаты катары жар салган Бургиба Тунистин светтик багыт алуусуна эң чоң кадамдарды кылдырган адам. 1986-жылы өлкөнүн диндар катмарын басынткан Ички иштер министри Зейнел Абидин Бин Алини премьер-министр кылып дайындайт. Бургиба Зейнел Абидинге аябай ишенген. Бирок диктатор Абидиндин амбицияларын эсептен чыгарып жиберген. Көп өтпөй 1987-жылы "өмүр бою турган президент" деген статусу бар экенине карабастан, өлкөнү башкара албай калчу деңгээлде картаң жана ооруулуу деген расмий рапортко таянып, Абидин Бургибаны бийликтен сүрүп чыгарат.

Бийлигинин баштапкы жылдарында Абидин "Силер Бургибадан азап көрдүңөр, мен силерге боштондук берем" деген убадаларды берет. Чын эле Тунис калкы 1990-жылдарга чейин эркиндикте жашайт. Бирок бул доор бардык адамдардын жашыруун көзөмөлдөнүп, эсеп-чотко алынган убак экени кийин билинген.

1990-жылдан баштап Ихван Муслимин (мусулман бир туугандар) жамаатынын Тунистеги бөлүмү болгон Ан-Нахда баш болуп, калктын калың катмарына акылга келбеген кыйынчылыктар жаай баштайт. Мисалы, Тунис жарандарына хиджап кийүүгө жана сакал коюуга тыюу салынат. Үч адам биригип сүйлөшүп калышса, "шектенүүгө негиз бар" деген беренеге ылайык кармалып, суракка алынууга себеп болуп калган. Мечиттерде намаз окуган соң, отурууга тыюу салынган. Бул доордо радикал светтик мамилеге өтүү менен бирге бардык саясий эркиндиктер кыскартылып, оппозиция жок кылынып, жалпыга маалымдоо каражаттары толук көзөмөлгө алынган. Исламга симпатиясы бар болгондугу үчүн гана адамдар чоң жолдордун алдында курулган зындандарга салынып, көптөгөн айлар азапка дуушар болушкан.

Абидиндин жубайынын Трабелси уруусунун өлкөдө түзүп чыккан жемкордук жана пара алуу схемаларынын ачыкка чыгуусу тунисттиктердин жинденүүсүн жарылууга алып барган акыркы себептердин бири болгон. Мыйзам жана эч кандай адеп-ахлактык эрежелерге баш ийбеген бул адамдар күн өткөн сайын байлыктарынын үстүнө байлыкты дагы катмарлап жыйып башташкан. Адам укуктары дайыма тебеленген, коррупцияга белчесинен баткан бул аймак менен жакындан тааныш серепчилер үчүн Тунистин "Араб жазынын" биринчи мөмөсү болгону эч кандай таң калтырган жок.

### Сүйүктүү калкым, мени алдашыптыр

2010-жылдын 17-декабрында салыкчыларга жинденген, тачкисине товар салып соода кылган байкуштун өзүн өрттөп жиберүүсүнөн тутанган элдик көтөрүлүш бир заматта бүт өлкөгө жайылды. Зейнел Абидин көтөрүлүштү токтотуу үчүн сыналгыдан чыгып сүйлөгөн сөзүндө "Сүйүктүү калкым, мени алдап жүрүшүптүр. Силердин мынчалык аянычтуу абалга келгениңерди министрлерим жана кеңешчилерим мага айтышкан эмес. Баарына эң катуу жазаларды берип, бардык муктаждыктарыңарды камсыздайм" дегени да жинденген демонстранттарды токтото алган эмес. Абидин 2011-жылдын 14-январында мамлекеттин калган казынасын колтуктаган боюнча өлкөсүнөн качып, Сауд Арабияга башпаанек суроосу менен калктын көтөрүлүшү өз мүдөөсүнө жеткенсиген.



# Бред Питт 109 үй куруп, Нью-Орлеандагы муктаждарга жардам берди

Дүйнөлүк мега жылдыз Бред Питт 10 жыл мурда Нью-Орлеанда болгон катуу шамалдан калган кесепеттерди жок кылуунун жолун тапты. Ал бул жаратылыш кырсыгынан жабыркаган үй-бүлөлөр үчүн 109 жаңы үй курдуртту.

Бред Питт 2005-жылы "Катрин" аты берилген торнадодон кыйраган Нью-Орлеандагы 109 үйдү кайрадан курдуруп, жабыр тарткан үй-бүлөлөргө жаңы жашоо тартуулады. Үстүбүздөгү жылдын май айында бул шаардан өзүнө 6,5 миллион долларлык жайкы үй алган Бред Питт кыйраган үйлөрдү көрүп, бул кайрымдуулук долбоорун ишке ашырууга белсенген.


Бред кайра курулчу үйлөрдүн долбоорлорун чийүүгө дүйнөдөгү эң күчтүү архитекторлор Шигеру Бан, Тома Мейна жана Фрэнк Герини тарткан. Архитекторлор үйлөрдүн эң биринчи кезекте ар кандай табигий кырсыктарга туруштук бере алгандай жана көркөмдүү болуусуна көңүл бөлүшүүдө.





# К.Өмүралиев: **Гангдай мүнөзү жоош жылкы жолуктурган эмесмин**

Күлүктү табына келтирип, түйшүгүнө түткөн анын саяпкери. Бекеринен саяпкери жарашса күлүктөн күлүк чыгат деп айтылбаган чыгаар. Акыркы кезде таскагы катуу чыгып келе аткан Ганг аттуу аргымактын саяпкери Өмүралиев Керимбек агабыз саяпкерлик кесип жана Ганг тууралуу маек куруп берди




Бою: 167 см, салмагы 400 кг
Теги: орус таскактуу
Атасы: Натиск, Энеси: Гисса
Өңү: тору
Жашы: 3 асый
Саяпкери: Өмүралиев Керимбек
Чабандеси: Каныбеков Абаскан
Ээси: Жунусов Аликбек

РАХАТ АКМАТОВА

**– "Күлүктү чабат саяпкер, сүрөөнгө алат талапкер" демекчи, саяпкерлик тууарасында кеп баштап берсеңиз. Кандайча бул кесипти аркалап калдыңыз?**

– Саяпкерлик – бул ата бабадан калган мурас. Илгертен саяпкерлер аттарды даярдап келген. Мен болсо бала кезден бул өнөргө кызыктым. Кенедейимен атка кызыгып, атты жакшы көрүп, минип чоңойгом. Илгери мен бала кезде Ат-Башынын Кара-Булуң айылында Нурдин деген таякем ат таптап, күлүк чапчу. Ошол кишинин жанында жүрүп, анын аттарды чапканын, даярдап, тазалап жатканын көрүп кызыгып, бул ишке аралашып калгам. Нарындагы ат майдан жакын болуп, ат чаап жүрдүм. Ошентип атка болгон кызыгуум менен бара-бара бул кесипти аркалап калдым. 1979-жылдан 1990-жылдарга чейин ат чаап чабандес болдум, кийин саяпкерлик кыла баштадым. Анын ортолорунда ат чаап да аттык, баш-аягы 2000-жылдарга чейин ат чаптым. Союз таркагандан кийин ат чабыш көп болбой калды. Биз ал кезде жакын аралыкка чапчубуз. Учурда болсо балдарга саяпкерлик ишти, ат чапканды үйрөтүп жатабыз.

**– Бул кесиптин өзгөчөлүктөрүнө токтоло кетсеңиз.**

– Саяпкерликтин өзгөчөлүгү – биздин иш жылкы баласына караштуу. Дарыгер адамды караса, биз аттарды карайбыз. Жылкыны жашынан тарбиялап өстүрүп, кичинекей балага кам көргөндөй эле карап багабыз. Күлүктү кичинекейинен – бир жашынан үйрөтүп, тарбиялайт. Эки жашында – кунан кезинен баштап байгеге кошо баштайбыз. Булар да өзүнчө бакчадагы кичинекей балдардай. Жылкы баарын түшүнөт. Ал эми күлүктөр өтө назик болгону үчүн жаш баладай эле карайбыз. Убагында жем-чөбүн, суусун берип, астын тазалап, тарап, минип чапканга даярдап турабыз.

**– Саяпкерлик өнөрбү же кесиппи? Дегеле саяпкер болуу үчүн табигый жөндөм керекпи же изденип аракет кылгандын баары эле саяпкер боло алабы?**

– Бул өнөр дагы, бир четинен кесип дагы. Мен үчүн кесип десем жаңылышпайм, анткени бала кезимен ушул кесипти тандап алгам. Россиядан атайын бул кесипти окугам, Союз убагынан бери жылкы заводдорунда иштеп келгем. Ал эми кээ бирөөлөр буга өнөр, ышкы катары карап, үйүнө бир күлүктү алып, ошону багып карайт. Бул ишке хобби катары мамиле кылышат. Менимче, кичинесинен бул ишке кызыккан, жылкыны сүйгөн адам саяпкер боло алат. Кыргыз элинин канында эле жылкыга болгон сүйүү бар деп ойлойм. Биз көчмөн турмушта жашаган үчүн илгертен ат үстүндө келе атабыз. Кыргыз эли кайда болбосун жылкы менен тиричилигин жүргүзгөн.

**– Баш-аягы канча ат таптайсыз? Бул өнөр менен үй-бүлөңү багуу мүмкүнбү?**

– Ар кандай болуп калат, кээде бир жылда он ат таптайм. Анын ичинен тайы, кунаны, быштысы, жоргосу бар. Көп жылдан бери жылкы менен жүргөнгө жоргону да, күлүктү да таптаганбыз. Булар тапталып, машыктырылышы боюнча бири-биринен айырмаланып турат. Жорго да, күлүк да табына келсе чуркайт. Ошондуктан башкысы атты табына алып келиш керек. Саяпкерлик менен үй-бүлөңү багуу мүмкүн. Мен бул өнөр арты менен кудайга шүгүр үй-бүлөмдү багып келе жатам. Бир туугандарыма, башкаларга колуман келишинче жардамымды берип келем. Көптөгөн ийгиликтерге жеттик, бир топ байгелерди уттук. Мен ушул ишти аркалап калганыма эч өкүнбөйм. Мен билгенден ушул кесип менен тырышып аракет кылган бир топ балдар жакшынакай турмушта жашап жатышат.

**– Жылкылардын багуусу жакшы болуусу үчүн аларга кам көрүүдө дагы да изденип, жаңы заманбап ыкмаларды колдоносуздарбы? Алсак, башка өлкөлөр менен тажрыйба алмашып иштешесиздерби?**

– Тажрыйба канчалык көп болсо, анын эч зыяны тийбейт. Мен 2000-2006-жылдары Казакстанга барып иштеп келдим. Алматыда классикалык чабыш болот. Ошону кайра жаңыртайын, унутулуп калбасын деп, тажрыйба топтоо максатында барып келгем.

**– Саяпкерлик, мүнүшкөрлүк, тайганчылык өнөрлөр жок болуп бара атат дешүүдө. Кандай ойлойсуз, жаш муун ата-бабалардан калган өнөрдү аркалап, алар салып кеткен жолду татыктуу улап кете алабы?**

– Тескерисинче бул өнөр кайра жанданууда. Анткени Союз убагында мындай иштерге тыюу салынган болчу. Эгемендүүлүктү алгандан бери элибизде кудайга шүгүр ат баккандар да, ат чапкандар да көбөйдү. Тескерисинче жоголуп бара аткан баалуулуктарыбыз көтөрүлүп келе атат. Уучубуз кур эмес, жаш муун бул өнөрдү аркалап кетет деген ишеничтемин. Боордош Казакстанда көптөгөн саяпкер балдарыбыз иштейт, казак эли биздин саяпкерлерибизди баалайт. Биздин окуу жайларда атайын саяпкерликти окута турган филиал ачылса жакшы болоор эле. Балдар практикалык тажрыйбасы болгону менен теориялык жактан аксоодо. Кыргызстанда жалгыз дипломдуу адис мен элемин, балдарга атайы билим берип, дипломдуу адис кылып чыгара турган окуу жайы ачылса жакшы болмок.

**– "Жакшы ат жанга шерик" деп коёт эмеспи. Азыркы мезгилде зоболосу артып турган Ганг аттуу аргымактын саяпкери катары бул атты сыпаттап берсеңиз.**

– Ганг биздин колго 2013-жылы февраль айында келген. Мурун кунан, бышты кезинде чабылып, байгелерди алып жүргөн. Өзү Россиядан туулуп келген жылкы. Биз төрт жашка чыгарда Казакстандан сатып алганбыз. Ошондон бери даярдап чаап келе атабыз. Жакшы ийгиликтерге жетишүүдөбүз, экинчи болуп атат, биринчи болуп атат. Былтыр 2014-жылы Казакстанда өткөн Президенттин кубогун утуп келдик. Быйыл дагы эки жолу машина уттук. Атаандашы Барон деген Көлдүн жылкысы, акыркы эки жарышта жеңишти биз алдык.

**– Ганг деп ысымын ким койгон? Мүнөзү кандай ат?**

– Ганг деген ысымын туулганда эле Россиядан коюлуп келген. Мүнөзү аябай токтоо ат. Жорголордон мындай мүнөзү жоош жылкы жолуктурган эмесмин. Өзгөчө жорголор тепкилеп, тиштегилеп, аябай кыялдуу, өжөр болушат. Мен ойлойм, келечекте тукумдары жакшы болот го деп. Ганг келечекте өзүндөй тукумдарды берсе биз үчүн аябай жакшы болот.

**– Бул аргымактын теги, дене түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө да токтоло кетсеңиз.**

–Ганг орус таскактуу жылкы, ата теги Россияда жакын аралыкка чабылып жакшы жетишкендиктерди көрсөткөн. Тукуму жакшы, атасы Натиск деген айгыр, энеси Гисса деген бээ. Мен ойлойм, келечекте балдары да өзүндөй болуп жакшы чуркайт болуш керек деп. Кыргызстан үчүн көп жакшы тукумдарды алсак болот деген үмүттөмүн. Дене түзүлүшү да жакшы жылкы.

**– Келечеги кең күлүк көрүнөт, алдыдагы мелдештерге даярдыгы кандай?**

– Жакында өтүүчү Президенттик кубокко даярданып жатабыз. Ганг буюрса табында, формасынан чыгарбайбыз. Дегеле жылкыны табынан чыгарып ийсе кайра тапка келтириш кыйын болуп калат. Ошол себептүү жыл бою жакшы формада кармап турууга аракет кылабыз.



# Бир туугандар

Жаш баланын өзүнүн өзгөчө ааламы, дүйнөсү болот эмеспи. "Атадан алтоо болсо да, ар кими-си ар башка" дешет элибизде. Ар бир баланын ааламына аяр мамиле жасай билүү ата-эненин милдети. Ата-энеге баары бирдей деген менен тун уулун, жалгызын, кичүүсүн андан да артык, башкача көрөт. Төмөндө тун, ортон, кичүү, жалгыз балдар тууралуу жана аларга кандай мамиле жасоо боюнча кыскача маалыматтар берилди

ЭЛИЗА ИРАНОВА

## Тун бала

Тун бала – адамга аталык, энелик сезимдерди эң алгач тартуулаган биринчи бала эмеспи. Үйдүн жалгыз эркеси болуп, бакытка бөлөнөт. Бул жыргалчылык экинчи баланын төрөлгөнүнө чейин ушинтип уланат. Бирок бир тууганынын төрөлүшү менен айрым жоопкерчиликтер анын мойнуна жүктөлөт. Мындан ары эже же байке болот. Ошол себептүү өзүнүн жаш бала экендигин унутууга мажбур. Айрым жүрүш-туруштары мурдагыга салыштырмалуу тез-тез сындала баштайт. Экинчи баланын төрөлүшү менен жогорудагы кээ бир тоскоолдуктарга тушуккан бала үчүнчүнүн келиши менен жоопкерчиликтери азайып, аркы-беркини түшүнүп, иштери да жеңилдеп калат. Чоңоюп калгандыктан, бир тууган эмне экенин аңдап билип, ага үйрөнүп, ата-энесине өзүн жакын сезет.

**Ата-эненин жасоосу зарыл болгон нерселер:**

Бир туугандарынын арасында кызганычтын болуусуна бөгөт коё билүү, муну менен бирге чоңунун да жаш бала экенин унутпоо менен мамиле кылуу зарыл. Мындан сырткары анын кичинелердин көлөкөсү алдында болуусун алдын ала билүү керек.

## Ортончу бала

Ортончу бала улуусу менен кичиненин же балдар ортосунда болгондуктан, чоң же кичине болбой, өзүн ортодо калгандай сезет. «Ал сенден чоң, сыйла» же болбосо «Ал сенден кичине» сыяктуу сөздөр анын башын айлантып, эмне кылуусун да билбей калат. Ортончу баланын бул жашаган психологиясы көпчүлүк учурда үй-бүлөнүн эң активдүү жана ийгиликтүү мүчө болуусуна себеп болуп, балага жакшы жыйынтыктарды алып келет. Эгер ортончу жалгыз эркек же кыз болсо, анда мындай проблема жашабайт.

**Ата-эненин жасоосу зарыл болгон нерселер:**

Ортончу бала болуунун психологиясы башта терс таасирин берсе да, кийин оң, жакшы жактарын көрсөтүүгө себеп болот. Бирок кичинекей кезинде алар көп эле кыйналышы мүмкүн. Ата-эне анын жаш бала жана өспүрүм кезинде мындай психологияны жашоосуна бөгөт коюсу зарыл. Анын иши, орду үй ичинде белгиленип, жеткиликтүү даражада көңүл бурулуусу керек.

## Кенже бала

Ата-энеге чоңойгону байкалбаган, дайым кичинекей деп эсептелген бала. Көбүнчө чоңойгондорун далилдөөгө аракет кылышат. Үйдө көбүнчө майда-барат иштерге жумшалып, бирок ал жасагандары иш деп эсептелбеген, маанисиз нерселер болот. Дайым кичинекей деп каралгандыктан, алардын иши жеңилдетилип, бир нерсе үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлбөйт.

**Ата-эненин жасоосу зарыл болгон нерселер:**

Балага жашына жараша мамиле кылуу менен бирге чоңойгонун моюнга алуу керек. Ата-энелер кичинекей балага да көтөрө ала турган жоопкерчиликти жүктөөсү зарыл.

## Жалгыз бала

Бул балдар башкаларга салыштырмалуу улуулар менен жакшы диалог түзө билишет. Көпчүлүк учурда эрке болгондуктан каалаган оюна оңой жетишет. Мындай балдарды туугандарына тез-тез алып барып, балага бир туугандык сезимди жашатуу керек.



# Кош бойлуу кезде күйөөнүн жардамы

Кош бойлуу болуу өзгөчө бир бакыт, бирок анын да өзүнчө кыйынчылыгы, оордугу болот эмеспи. Эне болуу талапкерлигине ээ айрым айымдар боюнда бар кезинде психологиялык кыйынчылыкка дуушар болушат. Мындай учурдун өткөөл болгонуна карабастан, айымдардын бул убакта колдоого абдан муктаж экендиги унутта калбашы зарыл. Аялына ар тараптан жардамчы болуп, колдоп туруу күйөөнүн милдети. Аял киши табиятынан жан дүйнөсүндө болуп жаткан нерселерди жакыны менен бөлүшүүнү каалайт. Мырзалар мындай учурда аларды туура түшүнө, айткандарын уга билип, жардамчы боло билишсе, эненин ичинде болуп жаткан тынчсыздануулар, терс көрүнүштөр бат эле өтүп, баланын өсүүсүнө да оң таасирин тийгизет.

### Жубайыңызга кандай колдоо көрсөтүүңүз зарыл?

1. Баарынан мурда бул учурдун өткөөл убак болорун жана кош бойлуу кезде айымдардын психологиясы бир аз башкача, өзгөчө болорун унутпаңыз.
2. Жубайыңыздын рухий же жүрүш-турушундагы кээ бир терс мамилелерине карата сабырдуу болуп, уга билиңиз.
3. Аялыңыздын кош бойлуу кезинде келечекте ата болуучу сизге да энедей жоопкерчиликтин жүктөлөрүн унутпаңыз. Ушул себептүү жубайыңыздын тынч, бактылуу болуусуна маани берүүнү чоң жоопкерчилик деп сезүүңүз зарыл.
4. «Башкалардын деле боюнда бар, анчалык эле чоң проблема кылгандын эмне кереги бар, ашыкча болуп баратасың» деген сыяктуу сөздөрдү эч качан айтпаңыз. Себеби мындай көрүнүш кош бойлуу аялга маани берилбегенин, өзүн керексиз кишидей сезерине түрткү болот. Бул аялды стресске, мунун натыйжасы жатындагы баланын өсүүсүнө терс таасир тийгизет.
5. Кош бойлуу кезде айымдар сулуулугун жоготуп, мурдагыдай абалда болбой калуудан коркушат. Ушул себептен алар күйөөлөрүнүн дайым көңүл буруп, маани берип туруусуна муктаж болушат.
6. Жубайыңыз менен бирге көп убакыт өткөрүңүз (бирге тамактануу, киного баруу, китеп окуп берүү, бирге сейилдөө ж.б.)
7. Аялыңыздын «келечекте кандай болот, кантип төрөйм» сыяктуу кайгылары бар деп ойлосоңуз, наристеңиз менен биргеликте боло турган жаңы жашоону кыялданыңыз, колдон келишинче андан жардамыңызды, колдооңузду аябаңыз.
8. Бөбөккө жана кош бойлуу аялга зарыл болгон кийим-кече, буюм-тайымдарды бирге алууга маани бериңиз.
9. Кош бойлуулуктун акыркы айларында төрөттү кайсыл төрөтканада, кантип, кайсы врач тарабынан болоорун экөөлөп байкаштырып, сураштырып коюшуңуздар зарыл.
10. Жубайыңыздын кыйынчылыктарында колдоо көрсөткөндөй эле анын толкунданып, кубанган учурларын да, баарын тең бөлүшүңүз. Аны түшүнүү менен карап, төрөлө турган наристеңиздер тууралуу жакшы ойлорду айтуу менен анын көңүлүн алып, жубатып туруңуз.

## Эгер бала…



Душман чөйрөдө жашаса, урушканды,
Коркуу ичинде жашаса, коркууну,
Ага көп боору ооруган адамдар менен жашаса, өзүн байкуш сезүүнү,
Кызганыч ичинде жашаса, жек көрүүнү,
Аны колдоп турган чөйрөдө жашаса, өзүнө ишенүүнү,
Аны мактаган чөйрөдө жашаса, сындоону,
Сүйүү ичинде жашаса, сүйүүнү,
Аны баалаган чөйрөдө жашаса, бир максаты болгонун,
Туура, жакшы мамиле көрсө, адилеттүүлүктү,
Чындык болгон жерде жашаса, акыйкатты,
Дайым достук, жылуу сөз, жакшы мамиле болгон чөйрөдө жашаса, жашоо жашай турган сонун бир жер экендигин,
Кыскасы, бала жашаган чөйрөсүнүн үлгүсүн алууну үйрөнөт.



# Айкөлдүн сүйүүсү – 13
## Тосмолор ачылды

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Кумурзстандык кумурскаларда өткөн жумада чоң жаңылык болду. Мындай окуя буга чейин такыр болгон эмес. Себеби, буга чейин Казталаа менен Кумурзстандын ортосунда тосмо жок болчу. Казталаанын өпкөлүү кумурскалары менен Кумурзстандын кебелбес кумурскалары аралаш эле жүрө беришчү. Сенден мага он арпа келди, менден сага он таруу кетип баратат деп эсептешүү жок болчу. Кийин Орсуянын сасык кумурскалары келгенден кийин эле булар өз-өзүнчө бөлүнө башташты. Ар кимиси өзүнчө уя салып, атаандаша жашаганга өтүштү. Акыры Орсилердин таасири азайганда деле мурункудай аралаш жашабай, ортого тосмо коюп жашашчу болгон. Эми ал тосмонун катаалдыгын айтпай эле койгула. Ар бир таруунун санашат. Буудайды өткөрүш өзүнчө эле чоң түйшүк. «Арабаңда эмне бар? Коңузуңа эмне жүктөп алгансың?» деп тим эле сурака алып атып, араң жол беришет. Кыскасы, ортодо карапайым кумурскалар кыйналып бараткан. Мына эми ошол тосмо ачылып отурат. Чынында такыр эле ачып салышкан жок. Мурункудай эле «сен кимсиң, эмнеге баратасың?» деп сурашат тосотчу кумурскалар. Бирок, канча таруу, канча буудай алып бараткаңыды эсептешпейт имиш.

Эң сонун болду! Эми тапкан талканыбыздын баарын ташып жыргайт экенбиз! – деп сүйүнүп жатышты кумурскалар. Айтмакчы, ортодогу тосмолорду Казталаанын алмашкыз уяханы Нур Сальто өзү келип ачты. Кумурзстандын тарынчаак уяханы Шаша болсо кудундап сүйүнгөн бойдон ага жардам берип жүрдү. «Ушунун баарын жалгыз ачамбы» деп коркуп жүргөн окшойт бечара. Нур Сальто келгенде тим эле төбөсү көккө жете кубанды. Себеби мурутту чыккандан бери уяхан болуп жүргөн Нур Сальто муну тоготпой койчу. Балким, тиги Орсуянын алмашаар алмашпас уяханы Путиод Болодүмүр Нур Сальтону жумшаса керек. Деги эмнеси болсо да ортодогу тосмолор ачылды.

Бирок, бул уяхандар тосмону ачып атабы, же жаап атабы аны менен тосотчулардын иши жок окшойт. Айрыкча, Казталаанын өпкөлүү тосотчулары кайра эле баягысын карматып тосмону бекитип алышыптыр. Өтмөлүктө дагы эле кумурскалар шыкалып, тыгылып турушат. Ансыз да жаны тынбай дүкүлдөп чуркап жүргөн Жогорку Манекбаш Темр Сар дароо тосмого жетип барып өз көзү менен көрүп келди. Анан Казталааны карай бир кумурсканы жөнөттү. Эми ал эмне деп келет азырынча белгисиз. Деги Темр Сар көргөндү Нур Сальто да көргөн болсо экен. Болбосо ал бечара ошончо жерден тосмо ачам деп келгени кайсы дагы, бул жердеги тосотчуларынын кылганы кайсы? «Безобр Азия» деген ушул орсиче айтканда! Накта Безобр Азия!

Анткени менен эл ичинде дагы эле жакында боло турган хайлалоо маселеси курч. Эптеп данекбаш болуп курсагын сылап жаткысы келгендин баары эле тызылдап чуркап жүрөт. Жалпы жонунан 34 мыркия хайлалоого катышабыз деп атты эле, жакында төртөө сылаарга курсагы жокпу, же уялып кетиштиби айтор хайлалоонун тизмесинен чыгып кетишти. Калганы болсо билектерин түрүп, муруттарын жанып даярданып жүрөт. Айрыкча Шашанын КСДМсы катуу даярданып атат. Болгон жазылчу жерге жаздырып, сүйлөнчү жерге сүйлөтүп жатышат. Жападан жалгыз атаандашы, тиштесе тиш өтпөс, алышса ал жетпес Амур бек Текенин «Атам Экен» мыркиясын болсо болушунча жамандатып баштады уяхан. Чынында Жогорку Данекке өтчү болсо Шашаны баш кылып, КСДМсын төш кылып баарынын шайын оодарчу эргул ошол. Башка мыркиялар болсо жөн эле бир бутка чалынган бирдемелер мунун жанында. Эң азуулуусу ушул Амур бек Теке. Ошон үчүн андан коркот. Анан калса жакагы экс ХЭР Мегс Мурзо дагы так ушул Амур бек Текеге кошулуп албадыбы. Буга Шашанын тим эле итатайы тутулуп жүрөт. Аны өткөндө беш сөз айттырбай туруп 7 жылга зынданга салмак болду эле Мегс Кумурзстандан кетип калды. Эми Шашанын дагы, жан жөкөрлөрүнүн дагы айласы кетип атат. Эптеп бир жеринен кармап алышса дароо зынданга тыкчудай болуп шымаланып жүрүшөт. Мурунку хоррор Айда Салиго дагы «Атам Экен» тарапта болоорун билдирди. Кыскасы булар Хахамбайды оорукчан кыла турган болду. Ансыз деле таарынчак неме ого бетер бултуюп калса керек.

Айтмакчы, хайлалоону так өткөрөбүз деп алыскы алыскы Коруядан сыйкырдуу сандык да алып келишти. Ал кайсы мыркиянын ташы канча болгонун өзү эле эсептеп турат имиш. «Бул сыйкырдуу сандык эч кимдин акасы эмес. Эч кимдин айдоочусу да эмес. Ошондуктан баарын калыс эсептейт» деп мактап жатышты аны. Көрсө бул Кумурзстанда мурда аке-жаке, тууган-туушканына тартып ийгендер бар эле, эми айдоочусуна да жан тарткандар пайда болуптур. Канчадан бери коңуз мингенден башканы билбеген кишини көз көрүнөө эле манекбаш кылып койду. Эми анысы данекбаш болом деп жүрөт. Ошон үчүн ушундай сыйкырдуу сандык алып келишти да. Бирок, бул Кумурзстандыктар сыйкырдуу эмес балакет сандык болсо деле алдайт. Ал тургай ушул сыйкыр сандыктын келиши деле алдоонун өзүндөй туюлуп турат.

Айланайын, алтындарым, мына хайлалоо так өтсүн деп сыйкыр сандык алып келдим. Силерге дагы эмне керек? – деп айтат эмеспи эртең Шаша дагы чала таарынып, чала догуруңуп. Болбосо, жалгыз сыйкыр сандык эмес, ар бир таш салынчу жерде ондон кумурска карап тургандa деле көз боочулар уктатып кетишчү. Андай көз боочуларга сыйкыр сандык кеп болуп калыптырбы?!

Баса, бул мыркиялардын айткандарын угуп турсаң өзүнчө эле керемет. Мисалы кечээ жакында бир канча мыркия өздөрүнчө куурултай өткөрүп, куурулуп чыгышты. Ошондо ар бир мыркия алдыга койгон максаттарын айтып өттү. Тим эле аларына ат коюп алышыптыр. Баягы илгерки данекбаштардын куалицияга ат койгонундай жорук да. Жаңы түзүлгөн куалицияны «Ырыс алды ынтымак» деп атап алышып, анысы бат эле ырыстын арты болуп калбады беле. Так ошондой аттарды коюп алышкан. Атай кетсек Сотсуял Дөөбрат мыркиясы алдыга койгон максатын «Беш таман» деп атап коюптур. Кыязы Кумурзстанды өнүктүрүү үчүн беш таман жылдырышат окшойт. А тиги «Бир гол» мыркиясы болсо «Чегиртке секирик» деп атаптыр максатын. Ат эмес бекен чиркин! Кумурзстан буга чейин жөргөмүштөй жөргөлөп келатты эле, эми булар чегирткедей секиртишет имиш. Деги аска-зоого, көлчүкмөлчүккө секирип кетпесе болду. Жанагы «Бир голдун» жалтырак баш башчысы Олтин бек Сули бир нерсени туура секирте албаса керек? Ансыз деле анын досу, Ак Уяга секире калам деп жаман болгон. Ак Уяга секирип түз эле зынданга түшүп калды эле. Эми бу «Бир гол» Кумурзстанды кайда секиртээр экен?

Кыскасы ушундай Кумурзстандык кумурскалардын жашоосу. А Айкөл болсо алардын кыбыраган турмушу менен иши жок. Айкөл үчүн булар жөн эле ары бери чуркап жүргөн бир жандыктардай. Анткени менен ага кумурскалардын ушул тынымсыз кыймылдап жүргөнү да жагат. Сыртынан баары ынтымактуу, баары эмгекчил көрүнөт. Өзү деле ушул кумурскалардай болуп калгысы келет кээде. Айрыкча тигил Океана менен Русланanын кээде кызаңдап, кээде жылмаңдап алдагыс келип турганын көргөндө тынч эле кумурска болуп кеткиси келет. Чайнагүл да бир жактан ойсоктойт. Баарынан жанагы жөөт катын Жугута жаман. Ошол баштайт бардык чыр чатакты. Тынч жаткан элди чабыштырган да ошол. Океананы да өз кызыкчылыгына колдонуп койот. Айкөл да ушундан улам акыркы убакта Русланага ыктачу болду. Себеби жөөт катынды ал дагы жаман көрөт. Жакында эле Руслана тарап менен келишим түзүп, биримдигине кирип берди. Албетте, Руслана «бул биримдикте баарыбыз тең укуктуубуз» деп жоокалатып койду. Бирок, ким билет? Булар менен бириккенде тең укуктуулук түшкө да кирбей калчу эле...

**Сунуш жана пикирлер үчүн:**
**saresepaikol@mail.ru**

# Атактуу айымдардын сулуулук сырларынан

“Сулуулук дүйнөнү сактап калат” дешет. Аялзаты дайыма сулуу, дайыма жаш, дайыма сүйүктүү болуп жүргүсү жана сүйгүсү келет эмеспи. Сулуулук бардык аялзатына тиешелүү, бирок ар бир айымдын өзүнө гана таандык ай-чырайы, өзгөчөлүгү болот. Дүйнөдөгү айрым атактуу аталган Клеопатра, Жозефина, Диана де Пуатьелер сыяктуу айымдардын сулуулук сырлары менен тааныштырмакчыбыз

ЭЛИЗА ИРАНОВА

**Клеопатра:** Атактуу египеттик айым, Римдин ажардуу ханышасы Клеопатранын абдан сулуу, өзүн жакшы караган аялзаты болгон дешет. Ал өзү бетке сүйкөөчү кремдин рецептин түзүп, ошону гана колдончу экен. Бет майды бал менен алоэни майдалап, күмүш идиштеги суугa аралаштырып жасаган. Ал эми колун сүттөн жасалган ваннага кармап, чачын жууп бүтүп, артынан дароо тооктун жумурткасынын сарысынан үчтү сүйкөп, андан соң төө жалбырактын, кулмактын тобурчагынын (хмель, кермек даамы бар, оролмо өсүмдүктүн бир түрү) жана чалкандын кайнатылган суусу менен чайкоочу. Ошондой эле ханыша 300 гр. деңиз тузуна жарым стакан каймак аралашкан скрабды денесине сүйкөп, 10 мүнөт кармаган соң жылуу суу менен чайкап койгон.



**Испаниянын ханышасы Изабелла:** Ал башка айымдардан өзүнүн укмуштуудай чачы, терисинин назиктиги жана көзүнүн мөлтүрөгөнү менен айырмаланып турчу. Мындай сулуулукту жана жаштыкты ал табигый каражаттарды колдонуу менен мыкты сактай алган. Ханыша жөнөкөй эле өсүмдүктөрдү – ромашка, бака жалбырак, тегерек баш чөп, розмарин жана розаны, лилияны спиртке аралаштырып чылап, бетке коюлуучу маска даярдаган. Мына ушундай масканы колдонуу менен ал жаш курагы бир топко барып калганына карабай, кадыресе жаш көрүнгөн.



**Шахеризада сулуу:** Бул айым тууралуу көп жомок айтылып келет, а бирок анын сулуулук сыры да андан кем калышпайт экен. Ал чачын хна менен басманы аралаштырып боёгон соң, мөмө-жемиш ширелери менен чайкоочу экен. Күрүчтөй болгон тиштерин коюу айран менен агартып, жуунар алдында терисине майдаланган жаңгак жана өсүмдүк майы аралашкан бал сүйкөчү деп айтылат. Керексиз, ашыкча түктөрдү болсо, күмүшкерди алтын түстүү болгонго чейин кайнатып, лимон ширесин аралаштырып, даяр болгон аралашма менен тазалаган.



**Наполеондун жубайы Жозефина:** Бул айым абдан эле жөнөкөй болгон. Жозефина Наполеонго турмушка чыгардан, ханыша болбостон мурда эле өзүн жакшы карай билген айым болгон. Ал кадимки кайнатылган картошканын жашартуучу касиети бар деп, аны маска катары колдончу. Эртең менен дайыма ачкарын бир стакан лимонад иччү. Ошол убакта лимонад лимон ширеси менен жөнөкөй эле минерал суунун аралашмасы болчу. Бул аралашма ичегини тазалоо менен бирге сулуулукту сактап калууга абдан жакшы каражат болгон. Муну ал убакта көптөрү билген эмес, ал эми азыр болсо, организмди тазалоо үчүн абдан пайдалуу экени баарына белгилүү.



**Диана де Пуатье:** Диана дайыма эртең менен саат 6да туруп, муздак суугa жуунчу дешет. Саат 8ге чейин сейилдеп, андан кийин түшкө чейин жатчу. Таң эрте жеңил азыктар менен тамактанып, майлуу тамактардан алыс болгон. Диана айым алкоголдук ичимдиктерди оозуна алчу эмес. Ал турсун, курамында аз өлчөмдөгү винону ичкен адамдын бети шишип калат деп такыр жолочу эмес. Анын айтымында, өзүн дайым жашмын деп эсептеген айымдар улгайбайт. Ошондой эле ал мамлекеттик иштерди эрте менен эмес, көбүнчө түштөн кийин аткарчу.



**Орус императорунун жубайы Екатерина II:** Бул айым жаштыгын, сулуулугун сактап калуу үчүн таң каларлык, кереметтүү ыкмаларды колдонгон дешет. Күн сайын атайын даярдалган бальзам менен жуунчу экен. Анын рецепти төмөнкүчө: жумуртканын сарысынан төрттү сүргүчтөн өткөрүп, коюу бадам сүтүнүн аралашмасын кошот да, ага аз-аздан суу кошуп, сууга чыланган розанын жалбырактарын жана бир стакан арактын кошундусун аралаштырат.




**Маркиза де Помпадур:** Маркиза айымдын териси жука жана кургак болуп, ден соолугун чың деп айтканга да болбос эле. Ошол себептүү Жанна-Антуанетта Маркиза де Пампадур терисинин жылмакай жакшы болуусу үчүн лимондун ширеси менен жумуртка белогунун аралашмасын каймакка кошуп маска жасаган. Эрте менен лимондун ширесин бетке сүртүп, оливка майы менен аарчып, андан соң жылуу сууга чайкагандыктан беттин терисин нымдуу кылып, назик абалын күн бою жоготкон эмес. Мындан сырткары Маркиза адамды кайраттуу, сергек тутуу үчүн сабиздин ширесине бир кашык бал кошулган бир стакан суусундукту ичип жүрчү.



**Мэрилин Монро:** Мэрилин кээ бир учурларда бир күндө 15 жолу да жуунчу экен. Терини нымдуу кармоо үчүн кремдин ордуна кадимки эле вазелинди, кээ бир учурларда оливка майын колдончу. Күндүн нуру адамды өз убактысынан эрте картайтат деп эсептегендиктен эч качан күнгө кактанып күйгөн эмес. Эрте менен бир стакан ысык сүт, эки чийки жумуртка менен тамактанчу. Мэрилин айым сулуулуктун негизги сыры теринин таза аба менен камсыз болуусунда деп ойлоп, эгер териге таза аба жетишпесе, ал былбырап, тез бырышып кетет деп эсептеген.



**Байыркы орус сулуулары:** Байыркы орус сулуулары балбылдаган кызыл беттери менен айырмаланып турушчу. Мунун кандай сыры болушу мүмкүн. Көрсө, алар беттерин күмүш идишкке салынып ээрий баштаган муздуу суу менен жууп жүрүшчү экен. Күмүш бактерияларды өлтүрүүдө карбол кислотасынан, хлордон, фурациллинден, марганцовкадан да 3,5 эсеге натыйжалуу болору кийинки убактарда белгилүү болгон.



Гезит ээси – ЖЧК “Горизонт Медиа”
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925
САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**SMM:** Айжамал Бейшеналиева
**Design:** Эдил Айдаров

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 5000
**Буйрутма №** 2094
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. “ММК колдоо борбору” фондунун басмаканасында басылды.